Ч. Айтматов атындагы ... адабият институту
Кол жазма... ...ндусу
Инв. № 802
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү

Боз үй.

Автор- ?

1. Этнографические материалы
2. Боз үйдүн буюмдарынын аттары
3. Кыргызым сага айтам, кийим журит бут ук! (автор- ?).


Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
Инв. № 802
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү

Бозум


# ДЕЛО

№ ______


Начато ____________ 19__ г.
Окончено ____________ 19__ г.



1




2



3

1. Мамонт доорундагы турак жай (Реконструкция)
2. Байыркы турак жайдыҥ бир туру. (Франция) рек.
3. Ӱҥкӱрдеги напобардыҥ сӱрӱди анын бетинде ошол ӱйгӱрдеги турак жайдыҥ элеси. (Фон-де-Гом ӱҥкӱру.)


HISTOIRE

D'ATTILA

ET

DE SES SUCCESSEURS

SUIVIE

DES LÉGENDES ET TRADITIONS

PAR

M. AMÉDÉE THIERRY

TOME PREMIER

PARIS


DIDIER ET Cie, LIBRAIRES-ÉDITEURS

1856

1 А. Тьерри. „Аттила тарыхы" аттуу илимий китеби. Париж, 1856-ж.



2 Хун жоокерлери жортуулда. Француз энциклопедиясында жарыяланган сүрөт.



3 Хун жоокерлери. 19-кылымдагы Француз энциклопедиясындагы сүрөт.




4 Хун жоокери
Ф.Э.




5 Хун арабасы (кошка)
19-кылымда жарык көргөн Француз энциклопедиясы.




1 Монголдордун көчмө үйү. (Рек. Г.Г Юлю)



2 Монголдордун үйүнүн ички түзүлүшү.



3 Монголдордун көчмө үйлөрү.




1 Боз үйдү чечүү. 1908-ж.



2 Курко жакырдын үйү.



3 Кара үй (кедей кембагалдын үйү)





1 Памирлик кыргыздардын боз үйүнүн ички көрүнүшү.

2 Памирлик кыргыздардын боз үйү



1 Боз үйдүн тигилиши.

2 Сүрөттү М.В Рындиндин тарткан оймолору.




Боз үйдүн түндүгү




уук.



Боз үй.



1 Боз үйдүн сырткы көрүнүшү.



2 Кыргыз боз үйү



3 Боз үйдүн ички көрүнүшү.

# БОЗ ҮЙДҮН БУЮМДАРЫНЫН АТТАРЫ

I. Үйдүн түндүгүнөн үйгө жамгыр, кар жаабасын үчүн жана шамал түтүндү тоспосун үчүн түндүк жабууну көтөргүч менен көтөрүү керек болот. Ошондуктан көтөргүчтүн учу кирип турсун үчүн түндүк жабуунун төрт бурчунда төрт чөнтөгү болот, ал чөнтөктү "төтөгө" дейт.

2. Түндүк жабууну көтөрүүчү бакандь "көтөргүч" дейт.

3. Үйдү тигип жатканда түндүктү көтөрүүчү бакан болот, ал бакандын учу эки ачакей болот. Ошол ачакейлүү бакандь "түндүк бакан" дейт.

4. Кереге, уук болуучу ичке талдын ийри жерлерин түзөтүп, баштарын ийип уук, кереге жасоочу станокту "тес" дейт. Тес болуучу жыгачтын жоондугу балтоонун жеңиндей, узундугу бир метр 70-80см. дей болот. Ал жыгачтын дал ортосун оет, эки башына бийиктиги белчеден болгон айырмач тургузуп, ошол айырмачтарга тести орнотот, эки башын эки айырмачка бек байлайт. Ошону менен тес орнотулган болот.

5. Тестин ортосундагы оюкка кабыгы аарчылып кургатылган талды салып, аны ары-бери түзөтүүчү жана ийүүчү узундугу бир жарым метр келген, жоондугу көйнөктүн жеңиндей болгон жыгач болот, аны "бел жыгач" дейт. Бел жыгачтын учунун эки карыш жери атайы жалпак кылынып кесилет. Бел жыгачтын жалпак жагы тестин оюгуна коет, анын сабы сол жак белде турат. Талды бел жыгач менен теске кыпчып ары-бери ыйкоо менен аны түзөтөт, башын ийет, ошентип кереге, уук жасайт.

6. Кереге, уук болуучу талдардын кесилип ташталган, бутактарынын ордун жылмалоо үчүн, талдын дөң жерлерин тегиздөө үчүн жана кереге менен уука алардын жоонураак учтураны алакан жасоо үчүн

колдонуучу куралды "тартки" (рубанка) дейт.

Тарткынын узундугу болжол менен 20-30 см., жазылыгы беш-алты см. болот. Эки учунда эки кол кармагыч жыгач сабы болот. Тарткынын жалпак кырынын бир жагы курчутулган миз болот, бартки бир аз ийилип жасалат. Эгерде ал туз болсо уук, керегенин жумур болушуна кыйынчылык келет.

7. Уук менен керегенин алакандарына жол-жол кылып сай салат. Ал салынган майларды "кобул" дейт.

8. Кобул салуучу куралды, "кобул салгыч тартки" дейт. Кобул салгыч тартки куду эле тарткынын өзүндөй болот. Алардын айырмасы миздеринде болот. Анткени кобул салгыч тарткынын мизи арааннын тишиндей ача-ача болот. Ошол ачанын бир жак бети туз эле жалпак болот, экинчи бети оюк болот. Аны менен тартылган кобул жумур болуп түшөт.

9. Ууктун алакан жакы башын уук боо байлоо үчүн көзөп теше турган жана керегенин башынан аягына чейинки көзду көзөп жасоо үчүн жасалган куралды "ушку" дейт.

Ушку ичке, узундугу I4-I5 см. жана жумуру болуп темирден жасалат, анын бир учу шибегедей учтуу курч болот, бир учу ичкертилет да жоондугу билектен ичкерээк, узундугу жарым метрче келген жыгачтын бир учуна сайып бекитилет. Жерге эки казык кагылат, алардын жерден бийиктиги кырк см.че келет, эки казыктын башына ушкуну туурасынан жаткырып бекем бекитилет. Ушкусу казыктын сыртына калынат.

Узундугу эки метр, жазылыгы төрт см.че келген кайышты ушкунун казыктарга бекитилген билектей жыгасына айланта эки оройт, бир киши олтуруп алып, кайыштын эки учун кармап алып ары-бери тартканда ушку ары-бери айланат, дагы бир киши ушкунун жанына

олтуруп алып уукту, керегени ушкуге такай кармап турат. Тигил киши ушкуну айландырат, ушку кереге уукту көзөп чыгат.

10. Жасалып даяр болгон уук менен керегени жошо (кызыл чопо-топурак) менен жошолоо учун жалпак чоң өгөө менен өгөөлөп турпулөйт. Ошол өгөөнү "турпу" дейт. Эгерде уук менен керегени турпулөбөсө жылмакай жыгач жошону кабыл албайт, демек жошо жыгачка жукпайт.

11. Кээ-кээде эшик ачык туруу учун жана эшикти туруп коюп, уйгө бир нерсе киргизуу учун эшикти тоголоктоп туруп барып босого-нун маңдайчасына байлап кое турган эшиктин сыртында жарым метр-дей боо (жип) болот. Аны "эшик боо" дейт.

12. Уйдун кереге-ууктарын тигип болгондон кийин туурдук менен узукту жаба электен мурун эшикти анын узун боосун туңдуктөн айлантып келип маңдайчага байлап коет. Ошол узун боону "тастар боо" дейт.

13. Кереге жайып эки керегенин кошулуучу жерин капшырып, аны жазылыгы эки эли келген сокмо жип менен башынан аягына чейин каршы-терши кылып капшырган берин байлайт. Ошол сокмо жипти "кереге таңгыч" дейт.

14. Кереге жайылып буткөндөн кийин босоголорду коет. Эки босо-гонун аяктарын жер босогого кийгизет. Ал эки босогонун эки башын маңдайчага кийгизет, ошондо босого (эшик) рама формасына келет, башы илмектуу эки жиптин илмегин маңдайчанын эки башына илет да босоголорду кереге менен бириктирип бекем байлап коет. Ошол эки жипти "босого таңгыч" дейт.

15. Эшик менен керегелер байланып бекитилгенден кийин керегелер-дин башынан айланта жазылыгы эки эли жалпак (сокмо жип менен ар бир канат, керегенин 1-2 башын чалып бек тартып туруп, ал

жиптин эки учун эки босогого байлап коет. Керегелер ошону менен бошошпой бек турат. Ошол жипти "баш чалгы" дейт.

I6. Бир узуктун боо тагуучу жерлеринде бирден алты тетеге (чентек) болот. Бир туурдуктун боо тагуучу жерлеринде бирден терт тетеге болот.

Инв. 635(5273)

Айткан Азаматов Хамза

Жазган Казакбаев Жанжигит. I973-ж. I4.II.

...Арстаным сага айтам,
Аймагым бут ук!
Турумум сага айтам,
Тууганым бут ук!
Улагам сага айтам,
Уланым сен ук!
Босогом сага айтам,
Бозоюм сен ук!

КЫРГЫЗЫМ САГА АЙТАМ,
КЫЛЫМ ЖУРТ БУТ УК!

( Бабалар Рух көрөңгөсунө чалгып...)

"Манас" - кыргыз Рухунун туу чокусу!"-деп залкар жазуучубуз академик Ч.Айтматов айткандай, чындыгында эле кыргыздын "Манасы" жалпы адамзат Рухунун чалкыган мухитине өз ~~тамчысын~~ үлүшүн кошкон ~~Кер~~ Чоң Өзөн!

"Манасты" ~~30~~ кыйла кылым дү күчөгүнө камтыган көчмөн цивилизация [redacted] доорунда өмүр кечирген [redacted] кыргыз элч жаратты. [redacted] Ошол ~~кыргыз~~ Элдин Рухунун зор мухити болуп саналган "Манасты" кыргыздар боз үйүнүн төрүндө олтуруп чыгарышкан ~~тараткан кыргыз дүйнөсү кайда жаралып,~~ ~~кайда өсүп тамыр жайып өрчүдү деген суроо туулусу турган кез.~~

Чындыгында боз үй ошол Рух мухити - "Манасты" анын жаратуучусу болгон ~~саналган~~ кыргыз урпагын ~~да~~ өз боорунда бөпөлөп, канат алдында калкалап [redacted] кылымдар бою өз тукумун өстүрүүгө урагыс Улуу Сепил-Калка-Чеп болуп келген нарк көрөңгөсү. ~~- кыргыз Боз Үйү эмеспи!..~~.

(Боз үй кыргыз үчүн ар кандай материалдык маданияттын башат булагы жана түп Ордосу.

(Ушул Боз үйдө "Манас" жаратуучу күн өзү төрөлгөн.

Ушул Боз Үйдө "алдей" ыры ырдалган. Ушул Боз Үйдө арман, кошок, сармерден айтылган. ~~Ушул боз үйдө кыл чайнашкан, душман достошкон.~~ Ушул Боз үйдө элдик каада, салт үчүгү чубалып нарк чайкалган. ~~Ушул боз үйдө Адеп, Тарбия айтылган. Көрсө боз үй - "Манастай кыргыз Рухунун туу чокусун!"-дагы өз коломтосунда асырап, анан эл кеөденүнө кондуруп, журт сезимине өчпөс алтын тамга менен сүртүп чыккан окшойбуз.~~

~~Өшентип~~ Айтылуу "Манас" дастаны ~~өзү~~ ошол Боз Үй ичинде жаралып, ~~ган соң толчиге жетилип~~ өзү менен кошо өзүн бөпөлөп өстүргөн Боз Үйдүн да ~~дарбаанын баланга таратып~~ даңазасын ашырган; ~~түрбайбн...Серп салалы.~~

Жайсаң ырчы дегени,

Жалаң үйдүн порумун

Жарым куну ырдаган. (С.О. инв.№572, 554-б.)

Андан ары кыргыз Боз уйу жөнүндө Рух дөөлөт көрөңгөсүнүн сандаган түрлөрү[ндө] шоокум салып, ~~турганын~~ жөө жомогунда макал-лакабында, ашыглык суйүү ырларында айтып бүткүс санжыра катары аздектелип келген. Анын баарын аныкта[п олтурбай эле] ~~чериктенип~~ акыл сезими[дин] эрчүшүнө [өбөлгө болгон, да машыктырган элдик табышмактардын] ~~машыктырган табышмагында Боз үй кандай көркөм салыштыруу менен берилгенине да күбө болуп көрсөк.~~

Жапанда бир ажыдаар билесиңби?
Жаны жок кыймылдоого денесинде.
Ичинде сөөктөрү бар бакча-бакча,
Жаркылдап жалгыз көзү төбөсүндө.[1] ~~(Боз үй).~~

~~("Кыргыз табышмагы")~~
~~Боз үй."Табышмактар". И-Ф-1985.180-б.~~

— деп берилген.

Бул Боз үй кыргыздын ~~20 кылым өмүрүндө~~ жөнсалды эле баш калкалаар [жайы болбостон] ~~калканычы болуп келбестен~~, анын өнөр искусствосунун кайнар көзү ташыган мөл булагы болуп келгендигине улуу кытай эли[нин акыны Бо-Цзюй идин да] ~~да~~ катуу суктанып таазим эткен.

Кийизүнө жуну кеткен миң койдун,
Чамгарагы кайыңынан күнгөйдүн.
Ары бекем, ары ыңгайлуу, ары әсем,
Айыптабайм жыгачына таң койдум.

~~(Бо-Цзюй-идин-кытай акыны.)~~
~~(772-846)"Боз үй"~~

Мисалдын өзүнөн көрүнүп тургандай бабабыз Манас менен кылымдар бою кыл чайнашып казат кылып келген, ошол көчмөн сүрүнөн куту учуп өз өлкөсүн айландыра улуу сепил курдурган кытай төбөлдөрү

1 Табышмактар. - Фрунзе, Илим, 1985, 180-б.

эзу эз душманынын цивилизациясынын улуу жетишкендигине таазим кылууда.

Мунун эзу кыргыз "Манасы" кыргыз рухунун туу чокусу болуп келсе Кыргыз Боз уйу ошо – кыргыз рухунун туу чокусун нурга бөлөп, наар берип турган соолбос башат булагынын Алтын Ордосу!

Ошентип, Кыргыз элинин көчмөн турмушуна өтө ылайыктап жасалган боз үйдүн конструкциясы – элдик генийликтин, көркөм ~~[illegible]~~ чеберчиликтин туу чокусун чагылдырып дүйнө элдерин таңдандырып келет.

...Керегем сага айтам
Келиним сен ук...
Уугум сага айтам
уулум сен ук...

## ТҮНДҮГҮМ САГА АЙТАМ, ТҮГӨЛҮМ БҮТ УК!

I-макала

/ Боз үй ааламына сүртүмдөр /

Кыргыздын эле эмес, жалпы көчмөндөрдүн дүйнөсүнүн тагдырына кол тумар катары ыроолонгон БОЗ ҮЙ – ошол байыркы көчмөн кыргыз урпагы – бүгүнкү кыргыз тукумуна ааламга аты айгине таанылган АЙТМАТОВ ЧЫҢГЫЗДАЙ дархан пейил, теке жоомарт атуулду да бергенине салават!!!

Уюткулуу элибиздин салттуу тарыхында үй-бүлөлүк куттуу очок бордордук орунда туруп, анын чөйрөсүндө калган бардык урп адатыбыз аралаша жашап, жалпы түшүнүк салт санаабыз түптөлгөн. Бабалар баш калкалаган турак жайдын негизги түрү байыркы көчмөн турмушубузда ~~жандуу~~ колдонулуп келген боз үйдүн купуя сыры бүгүнкү күндө чындыгында көбүбүзгө табышмак. Боз үйдүн эмеректери болгон – түндүк, кереге, уук, босого таяк, узук, ~~туур~~ туурдук, жип-шуулары кандай ыкмада жасалып, колдонула тургандыгын кургак баяндап берүү аздык кылат. Жалпы боз үйдүн түзүлүшү, турган туруму аларга карата элибиздин колдонгон символдук ыйык белги – ыкмалары ~~/ салт санаасы жөнүндө баян этүү~~ элибиздин эс-акыл, ой-чабытынын кеңдигин айгинелеп турат. ~~байыркы эл катары улуттук философиялык жоболорубуз, улуттук идея деп кан какшап жатышыбыздын түйүнүн элибиздин колдонгон ар бир буюм-тайымынын, улуу сөз булактарынан изилдеп чечүүгө түртүп олтурат.~~

~~Илимий иликтөөлөрдүн алкагында~~ Боз үйдүн пайда болуу

тарыхы биздин доорго чейинки бешинчи, жетинчи кылымдарга туура келип, кучмун турк элдеринин турак-жайы катары белгилуу болгон. Адамзат тарыхынын таңында жаралган дуйнө тушунугубуз философиялык жөбөлөрдөгу калыптанган карама-каршылыктар: оң-сол, асман-жер, ак-кара сыяктуу тушунуктөрдун маңызынан оозануу менен белгилуу деңгээлде улуттук философиянын, улуттук таалим тарбиянын өзөгунө сүңгүп кирген болобуз. Бул бутундөй боз уйдун табиятына, элибиздин жашоо-тиричилигине багыштталган тушунуктөр. Боз уйду тигуу эрежеси боюнча куңгөй-тескей жактарга карата аныкталып келген. Кийинчерээк бул эреже турк элдеринде ар кыл колдонулуп журөт. Байыркы турк элдеринин салтында бет маңдай тарап - чыгыш тарап болгон. Байыркы кыргыздардын тушунугундө да чыгыш бет маңдай жак, ошол учурдагы коргон, балбал таштардын жузу чыгыш тарапка карай курулгандыгы да белгилуу. Дагы бир белгилей кетуучу кызыктуу сыры кундун чыгышынан батышына чейинки убакыт өлчөмун аныктоо боз уйдун тундугунөн тушкөн кундун нуру аркылуу уй ээси убакытты аныктай алган. Босого жак чыгыш тарапка багытталып, анын карама-каршы жагы батыш тарап, боз уйдун төр жагы атайы улуу кишилер, сыйлуу коноктор учун бөлунуп, уйдун куту болгон баалуу буюмдар төрдөгу сандыкка сакталып, анын устунө жук жыйылган. Төрдөн орун алып, батыш тарапка далыбызды салып, чыгыш тарапка бетме-бет карап, боз уйдун оң-сол канатын аныктайбыз. Азыр жердин шартына жараша бул эреже так сакталбай өз ылайыгына жараша тигилип журөт. Боз уйдун оң канаты, тескей тарабы эр кишиге тиешелуу болгон : ээр токум, камчы, мергенчилик курал жабдык орун алган. Ал эми сол канаты - куңгөй тарабы аял кишиге тиешелуу болуп, ычкыдан, аяк кап ж.б. аял кишинин буюм тайымдары ушул тараптан орун алган.

Боз уйдун босогосун аттап киргенден баштап эле алгач карама

каршылыктуу белгилерге туш болобуз (аял-эркек, төр-улага, чыгыш-батыш, оң-сол). Дагы бир эске сала кетүүчү нерсе, өлүм-житим учурунда адамдын сөөгү да оң-сол канат, аял-эркек боюнча аныкталып, аялдын сөөгү сол тарабында, эркектин сөөгү оң тарабында жайгаштырылат. Эреже катары сөөккө өзүнө тиешелүү тарабынан орун берилет. Адамзат тарыхында оттун пайда болушу менен катар ар бир үйдүн ыйык белгиси, куттуу очогу болгон. Очок коломто үйдүн борбору. Эзелтеден түптөлүп, элдин эс акылына кыттай уюган боз үйдүн ички тартиби, өз эрежеси бар. Бул эрежелерди сыйлабагандык адам тарбиясынын тайкылыгын билдирип, бактысыздык, жаман кабардын жарчысы катары кабыл алынган. Элибиз отко аяр мамиле кылып ыйык туткан. Очокко ыплас таштандыларды салууга, суу чачууга, очоктон аттап өтүүгө, учтуу шиш менен отту көзөөгө, үйдө ышкырууга, босогодо турууга тыюу салынган, анткени бул жаман адаттар куттуу очоктун ырыскысын качырып, үй-бүлөгө жамандык алып келүүчү жин шайтандарды үйгө үйүр кылган белгидей түюнтулган.

Очоктун жанынан тик үйдө катар түндүктүн айлана жыгачына такалган бакан тирелип турат. Бул бакан жөн гана түндүккө тирөөч, түркүк катары колдонулбастан ыйык белги-символ катары улуу муун менен урпактарды, мезгилди байланыштырып турган өзгөчө ыйык түркүк. Кош бойлуу аялдар төрөөрдө эки колу менен баканга таянып, толгоосун жеңилдетишкен. Киши көз жумганда бакандан көтөрмө жасап, сөөктү көрүстөнгө көтөрүп жеткиришкен. Сөөк өз жайына түшкөндөн кийин, көрүстөндөн кайтып келген көзү өткөн кишинин жакын туугандары очок башынан жоктоп, өкүрүп аза күтүшкөн. Очок башындагы бакан өмүр-өлүм, ата-баба-урпак, бешик-табыт сыяктуу дүйнөнүн ак-каралуу жагын өзүнө сиңирген өзгөчө философиялуу ыйык белги болуп эсептелген. ~~өкөндүгүнө ынанабыз~~.

Боз үйгө жакындап келе жаткан чоочун кишиге үй ээси утурлай

тосуп чыгып,салам айтып, атынан жөлөп тушуруп, уйгө кируусун өтунөт. Боз уйдун босогосу да бул жерден ыйык белгиге кылымдар карыткар салт тушунукке ширелген. "Эшигин көруп төрунө өт" деген элде нускалуу сөз бар. Баардыгы босогодон башталат, өмур босогосунан өмур төрунө чейинки аралык адамдын калыптануу, өсуп-өнугуу жолу. Босогодон аттанганда чалынбай тик аттап, өзунун жай иш менен доо катары келгенин билгизуу керек. "Босогодон чалынган төргө жетпейт" дейт элибизде. Байыртадан хан ордосунда босогодон жаңылган жан өз жанын кунга тарткан. Боз уйгө кирээрде босогого курал жабдыгын, камчысын эрдин кашына сайып, андан соң босого аттаган, кокус камчысын колго илген бойдон кирсе, уй ээси мындай адамдарга душман катары мамиледе болуп, жайынча келбеген, чыр-чатактын белгисиндей туюнган. Бул көрунуштөн өз-жат,дос-душман деген тушунук белгилери аныкталган.

Боз уй, уй-булө очок башында туптөлгөн элибиздин байыркы мурасы, салт-санаа, урп-адат, эреже жоболору бутундөй муундан – муунга өтуп, биринчи муун бул ыйык жоболорду очок башынан экинчи муунга өткөруп берип, элдин санаасында калыптанган салттуу дуйнө таануу маданияты боз уй аркылуу чагылдырылып көрсөтулгөн. Боз уйдун ар бир эмерегинде катылган сырлуу белгилерге токтолуп, элибиз буларды жөн эле фй-санаасна жасап, эптеп баш калкалаган жай катары эсептесек, калыптанган эски тушунугубуз боюнча бир беткейликке берилсек, анда кийинки урпактар учун биздин барк-маңызыбыз төмөндөп, техникалык учкул доор, мезгил биздин басмырлап думуктурган болоор эле. Тескерисинче, боз уй эмеректериндеги философиялуу элдик улуу тушуноктөр, адамзат коомундагы архитектуранын алгачкы улуу улгусу катары сыймыктанууга толук акыбыз бар.

Тээ бийыркы Египет пирамидалары, Арабстан, Индостандагы дуйнө

гө белгилүү мечит, хан сарайларына катарлаш философиялуу көчмөн рухтун бүтүндөй сырын камтыган кереметтүү боз үй, архитектуранын жеткен чеги, өзгөчө көчмөн рухтун, цивилизациянын алгачкы түйүлдүгү, эң жөнөкөй чындыктын өзү көчүп жүрүүгө ылайыкташтырылган ыйык турак жай.

Боз үйдүн бүгүнкү көк мелжиген ~~катар~~ бийик үйлөргө чейинки улуу тарых аралыгында адамзат эмнеге ээ болду, эмнени жоготту? Боз үй очогундагы тарбия, адеп-ахлак эрежелеринен бийик ~~катарлуу~~ салынган заңкайган үйлөрдүн ~~очогунан орун алган~~ ортосундагы аралыкта ~~бүгүнкү күндүн тарбиясын карап келин~~ биз ар кыл ыйык тутунган белгилерден кол жууп, майдаланып, атомдук өнүгүү доорунда рухубуздун добушу улам басаңдап бара жатканын баамдайбыз.

Улуттук маданиятыбыздын жоголушу менен табият, адам ортосундагы байланыш, ыйман, коомдун бүтүндөй гармониялуу биримдиги бошоң ~~деп барууда~~ тартууда. Боз үйдүн эмеректери жөнүндө элде мындай деп айтылат: "Босогом сага айтам, бозоюм сен ук". Босого таяктын башы бош, ал керегеге бекийт, босого аркылуу башы бош бойдокторго карата атанын насаат, кусказ кеби. "Керегем сага айтам, келиним сен ук" ~~мында керөге аял кишинин белгиси катары түюнтулат~~ деген фразеологиялык маанидеги сөз келин кыздарга карата айтылат. Үй ээсинин аялына карай айткан насаат кеби бүтүндөй кыз-келиндерине тиешелүү каймана, кыйытылып айткан акылы. Эл оозунда коноктолгон керегеге байланыштуу мындай табышмак сөз бар. "Жетимиш кемпир жер тиштейт" - бул керегенин аял затынын белгиси катары туюнткан далили.

"Уугум сага айтас, уулум сен ук" - уулга карата атанын насааты уук - уулдун белгиси, уул энеден төрөлүп, атанын атын, даңкын чыгарат. Элде "уугуна карап бөлгүлө" деген насаат бар. Тапкан байлыктын үлүшүн үй-бүлөсүнүн санына карап бөлүштүрүү деген түшүнүк-белги. Эл оозунда "Кыркырак акем өлөм дейт, кырк уулу кырк жагынан жөлөйм"

дейт" деген табышмак да боз үйгө байланыштуу түшүнүк белги, атанын атын чыгарган атага жөлөк болгон уул, уул‌тар жөнүндөгү акыл кеп. "Түндүгүм сага айтам, түгөлүм бүт ук" – жалпы калкка кайрылуу, Ааламдын белгиси катары да түшүндүрүлөт, асман айланасы тегерек – түбөлүктүүлүктүн белгиси. Эл оозунда айтылып жүргөн "түндүк көтөрүү" эр бүлөнүн түтүн булатып, эл катарына кошулушу, эр кишинин белгиси катары да түшүндүрүлөт. Бул түшүнүк белгиге карама-каршы айтылган "түндүгүң түшкүр", ~~деген каргыш кеп~~ "түндүгүңдү түз кылып ием", "түндүгүңдү түшүрө чабам" деген сөз да эр бүлөгө тиешелүү, ага карата жамандык тилөө, ~~үй-бүлөнүн белги~~ түшүнүктөрү ширелген. Түндүк астрономиялык мейкиндик убакыт белгиси. Айлана көлөмүндө ийилген тегерек түндүктүн үстүңкү бетинде асман келбетиндей ийилген жумуру жукартылган үч жыгач түндүккө ~~түн бул башынан тиги башына бекитилет жана үч жыгач түндүктүн бул башынан тиги башына ошондой эле икмада бекитилип,~~ карама-каршылыгын бекитилгени. Алар геометриялык айкашкан алты жыгач сызыкты түзөт. ~~/31-сүрөттү караңыз/~~. ~~Түндүктүн үстүндөгү үч катарлаш келген жыгач өткөн чак, учур чак, келечектин белгисин горизонталдуу чагылдырса, дагы үч катарлаш келген жыгач тиги үч жыгачка айкашып өтүп, бул дүйнө, а дүйнө, оо дүйнө деген түшүнүк белгиде ааламдын вертикалдуу түзүлүш маңызын чагылдырат.~~ Түндүктүн үстүңкү бетинде айкашып өтүп жаткан үч-үчтөн алты жыгачтын кесилишип өткөн жеринде төрт бурчтук түрүндө төрт көзөнөкчө, төрт мезгил, ар бир мезгилдин үчтөн айы бар. ~~/2-сүрөттү караңыз/~~. Төрт көзөнөкчөнүн өз тушунда айкашкан жыгачтар аркылуу түзүлгөн үч бөлүкчөнү санап кошуп келгенде он эки бөлүкчөнү түзөт, бул бир жылдын он эки айы. Ал аааламдын жалпы мезгилин, күн системасынын мыйзамы катылган түндүгүбүз, анын эки жагына барабар теңме-тең жел боо байлап, казыкка бириктирилип, боз үйдүн так ортосуна бириктирилет. Бул асман менен жердин ажырагыс биримдигин, асмансыз жер, жерсиз асман жетим экендигин айгинелеген символдук

ыйык белги.

Ааламдын төрт тарабы сыяктуу эле тундуктун төрт тарабы бар "Тегеректун төрт бурчу","төрт тарабың кыбыла" деген эл оозундагы сөздөр ааламдын тузулушун аныктаган өзгөчө ыйык белгилер. Төрт тараптын өзунун тутунган колдоочусу бар. Мисаты: батыш - ак жолборс, чыгыш - ак жылан, туштук - ак кочкор, тундук - кара черуу, булар ааламга көз салып өз бийлигин жургузуп турушат.

Адамзат аалам бетинде төрт тусте тегеректун төрт бурчунда өмур кечиришет. Тус боюнча көчмөн турк элдеринде мындай бөлуштуруу белгилуу: Чыгыш - көк /жашыл/, батыш - кызыл /сары/, тескей - ак, куңгөй-кара, турк элдериндеги тустөр бөтөнчө тушунук белгиге сугарылган. Мисалы, кыргыз элиндеги уруулар кара-багыш,сары багыш, сары тейит сыяктуу уруу аймактык бөлунуулөр тегеректун төрт бурчу боюнча тустөруне жараша жайлап, отуруктаашып көчуп келишкен. Боз уйдун тундугуне тундук жабуу тартылат. Тундук жабууну таң эртең менен ичке кыл аркандын жардамы менен артка серпип тартып коюшкан. Кун көтөрулуп кеткиче тартылбай калса, муну уят деп тушунушкөн. Жаңы турмуш куруп уйлөнгөн эрдин боз уйунун тундук жабуусу таң эртең менен тартылбай калса, кыз өз абийири менен келбегени элге айгине болгон. Ушундан улам "эриш бузу", деген тушунук белгиден абийирсиз кыз бул дуйнөгө энеден туума жылаңач жаралып келген болсо элдеги "керегенин көзунөн өткөруу" деген тушунук белгидей ал кызды төркунуне керегенин көзунөн өткөруп келген жагына уяткарып узатуу салты сакталган. Демек, "керегенин көзунөн өткөруу" тарбиялык белгинин боз уй аркылуу чагылдырылып көрсөтулушу. Көчмөн рухтун борбору болгон боз уй, уй-булөлук очок, муундардын байланышы, эң алгачкы турмуштук алака, азыркы маанисинде да уйдун куттуу очогунда орун алып, анын айланасында жашоо тиричиликтин калган сырлуу дуйнөсу курчап турат.

"Манас" эпосундагы материалдык маданият жөнүндө сөз кылганыбызда, эң алды боз үйдүн тарыхый бай өмүр санжырасы менен бүгүнкү биздин күнгө чейин узак жолду басып келгендигин баса көрсөтүү зарылдыгы туулат. Адам баласынын тарыхындагы эң узак өмүр кечирген коомдук-экономикалык формацияны көчмөн элдер өз баштарынан өткөрдү. Албетте, көчмөн доорлдун башка коомдук формациялардан узак өмүр сүрүшү көчмөндөрдүн күндөлүк турмуш тиричилигинен тартып, рухий дүйнөсүнүн өсүп өнүгүүсүн шарттаган. Адамзат тарыхында накта материалдык жагдай, турмуштук шарт, мүмкүнчүлүктөргө карай ар бири өз тарыхын жаратат.

"Ф.Энгельс подчеркивая большое значение материальной культуры в жизни человека, писал что одной из крупных заслуг К.Маркса, было раскрытие им той простой истины что люди первую очередь должны есть, пить, иметь жилище и одеваться, прежде чем быть в состоянии заниматься политикой, наукой, искусством, религией и т.д."(К.Маркс и Ф.Энгельс. Избранное произведение. т.II. М.,I948, С.I57). Жогорудагы адам баласынын тиричилигинин эң жөнөкөй аныктамасы катары тамак-аш, кийим-кечек, үй-коломто көчмөндөрдүн улуу белеги болгон Боз үйгө байланыштырылган түшүнүк экендиги талашсыз. "Манас" эпосун изилдеп үйрөнүүдө анын тарыхый, эпикалык, образдар системасы, коомдук саясий түзүлүшү деген эле комплекстүү караганыбызда али да дың боюнча турган ушул эпостун материалдык маданий багыты экендигине ынанабыз. "Манас" эпосундагы материалдык маданияттын эң байыркы үлгүсү Боз үйд изилдөөнүн атайы объектиси катары каралып жаткандыгына байланыштуу эң алды материалдык маданият жөнүндөгү андагы боз үй темасын изилдөө алкагына камтыган илимий теориялык, тарыхый, этнографиялык багытта изилденген атайы эмгектерге токтоло кетсек. Мында эпос менен боз үйдүн байланышы, андагы элдик салт, ырым-жырым-

дар, боз үйдүн эпостогу орду жөнүндө эч кандай сөз болбостон тек гана таза тарыхый-этнографиялык маанайдагы эмгектер көп кездешет. Мисалы: А.Акматалиев "Боз үй" Ф.,"Кыргызстан",I982; А.Акматалиев "Көркөм кол өнөрчүлүк",Ф.,I984;"Культуры и быт колхозников кыргызских селений Дархан и Чычкан" -М,I958; Абрамзон С.М. "Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи",Л.,I97I; Антипина К.И. Особенности домашних производств и материальной культуры южных киргизов. Инв.№5043.Ф,I96I;("Материальная культуры киргизов XIX века" собрал Айтбаев инв.№4063 К.Ф.), Маковский П. "Юрта - летнее жилище киргизов". Зап. Сибир.отд. РГО в XX. I893., Маргулан А.Х. Казахская юрта и ее убранноство. М.,I964., Муканов С. Калк мурасы. Ка Казахстан,I974, Сейдимбаев А. "Күңгүр-күңгүр күмбөздөр". Алматы, "Жалын",I98I,"Жилище народов Средней Азии и Казахстана".М.,I982; Муканов М.С. Казахская юрта. Алма-Ата. I98I, Жанибеков У. Эхо... Алма-Ата "Өнөр",I990., Кыргызстандын эстеликтери. Ф.,"Кыргызстан", I982, Жуковская Н.Л. Судьба кочевой культуры". М.,"Наука",I990; Майдар Д.Пюрвеев Д.Б. От кочевой до мобильной архитектуры. М., I980.

Ар бир коомдун өсүп-өнүгүшүнө карата ал мезгилдин өз материалдык маданияты жаралат же ошол материалдые маданияттын үлгүлөрү аркылуу адам баласынын жашаган коомунун мүнөзүн аныктаса болот. Бизге белгилүү адамзат коомунун тарыхында бири-бирин алмаштырган коомдук-экономикалык формациялар: I. алгачкы общиналык коом, 2. кул ээлөөчүлүк коом. 3. феодалдык коом. 4. капиталисттик коом, 5. 5. Коммунисттик коом.
Булар өз шарттарына карай өсүп-өнүгүүнүн ар кандай форма,баскычтарын баса өтүштү. Алгачкы общиналык коомдун тарыхый жолунда адам бала-

сынын жеке калыптануусунан,коомдук чарбалык, ошону менен бирге материалдык, рухий маданиятынын калыптануусун көрөбүз. Мында биз адам баласынын жашаган доорунун мүнөз,шартына,географиялык шартына жараша материалдык маданияттын тарыхый өсүш баскычтарын изилдеп үйрөнгөнүбүздө гана өз максатыбызга багыт алган болобуз. Илимий, тарыхый булактарга таянсак болжол менен 2 миллион жылдан ашуун адам коомунун өнүгүшүндө адамзат тарыхы 3 доорго - таш,коло, темир дооруна бөлүнүп изилденип келген. Адамзат алгачкы общиналык коомдо топ-топ, коллективдүү үйүрлөрдө жашоо менен өздөрүнө таандык материалдык үлгүлөрүн жаратышкан. Андан соң урууучулдук коомдук жакка багыт алышкан. Алгачкы общиналык коомдун мүнөзүн илимпоз-окумуштуулар төмөндөгүдөй аныкташат: "Всю эпоху родовой общины как один этап в развитии первобытного общества, выделяя внутри него два подэтапа: ранней родовой общины охотников и рыболовов и развитой родовой общины земледельцев и скотоводов" (История первобытного общества. М.,ВШ,I974, С.8)

Ошондой эле алгачкы общиналык коомдогу адам баласынын жашоо мүнөзүнө Демокрит (470-380 гг. до н.э.) мындайча баа берет:"Это первые люди на земле "вели жизнь грубую и звериную, выходя на пастбище и кочуя, они питались обильнейщими естественными кормами земли и случайными плодами деревьев". Он подчеркивал, что "борьба за существование научила людей всему" (аталган китеп II бет).

Бул айтылган түшүнүктөн улам адам баласы өзүнүн жапайы табиятынан өнүгүп отуруп, өз муктаждыктарынан отту, кийим-кечек жана баш калкалар үйүн ойлоп тапкандыгынан, коомдун өнүгүү баскычтарын үйрөнүп билүүгө жардамы тийээри бышык. Илимий көз караштардын улам калыптанышы, тарыхый салыштырма методдун жаралышы менен адамзат коомунун өнүгүшүн, материалдык маданияттын үлгүлөрүн, ар кандай салт-жөрөл-

гөлөрдү жалпы мыйзамдуу тарыхый схемада караганыбыз жөндүү болор. Албетте, адамзат коому ар дайым өсүп өнүгүүдө болуп турааары шексиз. Андыктан адамдын жашоо шартына карай алардын колдонуп келген буюм-тайымдарынан тартып аң-сезимдериндеги өнүгүү коомдун өнүгүү багытын аныктаган. Буга далил шотландиялык философ А.Фергюсон адам баласынын турмуш шартынын өсүп өнүгүшүнө карата тарыхты үч топко бөлүп көрсөткөн:

I.жапайычылык. 2.варвардык. 3.цивилизациялык.

Мындай көз караштар менен ошол тарыхый салыштырма методго катар архаи калык, этнографиялык такталган булактар аркылуу адамзат коомунун маданий-тарыхый этабын аныктаган көз караштар да жаралган. Швед окумуштуусу Свен Кильсон (I838-I843) адамзат тарыхынын өнүгүүсүн 4 стадияга бөлүштүргөн:

I. жапайычылык. 2.Номадизм(көчмөн,мал чарбачылык). 3.дыйканчылык. 4. Цивилизациялык (Аталган китеп, I6-бет).

Жогорудагы көз караштан айырмаланып австриялык Юлиус Линнерт (I839-I909) өзүнүн:"История культуры (I886-I887) аттуу китебинде төмөнкүдөй оюн билдирген."История культуры - есть история того труда, который поднял человечество из надменного и бедственного состояния на занимаемую им теперь высоту" (аталган китеп I9-бет). Айтылган көз караштарда адам эмгеги жана материалдык маданият адам жашоосунун сарамжалы менен катар турмуштук шарттын колдоо обьектиси экендиги ачык байкалат.

Адамзат коомунун жаралышы менен материалдык маданияттын алгачкы үлгүлөрүнүн жаралышы, пайда болуусундагы тарыхый булактардын тарамы албетте ар кыл. Материалдык маданияттын пайда болуу тарыхы эң алгач "жазуусу" жок доордон тарта буюм-тайым булактарына чейин

Тактап айтканда бизге жеткен археологиялык эстеликтердин мааниси өтө зор. Буюм-тайым булактары эмгек шаймандары,байыркы курулуштары, ар кыл зергер буюмдар, идиш аяктардын түрлөрү өз доорунда жаралган материалдык маданияттын үлгүлөрү. Ошондуктан байыркы бабалардын колдонуп келген баалуу материалдык байлыктары аркылуу тарыхтын катмарын тереңдеп изилдеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк шарт түзүлөрү айныксыз чындык. "Зная условия существования общества, можно представить себе, какая материальная культура соответствовала этому обществу, и наоборот, по материальной культуре можно восстановить основные черты соцтально-экономического строя, а иногда и историю создавшего эту материальную культуры общества". (Аталган китепте, 3I-бет)_

Археологиялык тарыхый булактарга жеке эле буюм тайымдар кирбестен байыркы отурукташкан чөлкөмдөр, адамдар жашаган үйлөр, көрүстөн, коргон, үңкүрлөр да кирет. Биздин изилдөө объектибиздин борбору болгон "боз үй" же үйдүн эволюциялык өнүгүүсү аркылуу үй-бүлөсүнүн эволюциялык өнүгүшүн же коомдун өнүгүшүн аныктоо сыяктуу уйур тобу менен жашаган үйлөрдөн жеке үй-бүлөлүк, же көчүп конгон үйлөрдөн "отурукташкан" туруктуу үйлөргө чейинки өнүгүү процессти аныктаса болотг Дагы бир тарыхый булактардын баалуу тарамы болгон этнография илими дүйнө элдеринин урууларынын, улуттардын маданий турмуш тиричилигинин өзгөчөлүгүн, коомдук түзүлүштүн ар кыл баскычтарын окуп үйрөнүүгө өбөлгө түзөт. Бабалардын өткөн өмүрнаамасындагы каада-салт, жөрөлгөлөрү, төрөлүү, өлүм-житимдеги, үйлөнүү үлпөттөрүндөгү,кийим-кече жана үйлөрдүн түзүлүш жасалгаларына чейинки сакталган баалуулуктар бизге соолгус булагы катары кызмат өтөмөк.

Этнограф илимпоздордун көңүлүнүн борборундагы эң маанилүү

маселе, дуйнө элдеринин турмуш-тиричилик маданиятынын ар турдуу бөтөнчөлуктөрун аңдап-салыштыруу,окуп уйрөнуу экендиги баарыбызга маалым.

Этнография илими аныктаган дуйнө элдерин турак жайларынын ар кыл турлөру, алардын географиялык климаттык шарттарына жараша жасалышы да өзунчө кызыгууну жаратат. Ушул жагдайда дуйнө элдеринин турак жайларынын ар кыл өзгөчөлуктөрун мисалга тарта кетсек."Эскимосские иглу - жилища из снега. Эскимосу , видимо, открыли самостоятельно, как можно сооружать в жилище свод - гордость древних цивилизаций Восточного Средизесноморья. Снежные плиты укладывают друг на друга так,что каждая верхняя выступает над нижней- пока не получается купол-полушарие. В иглу вносят каменную лампу, в которой горит тюлений жир. В будущем она послужит сразу источником и тепла, и света для обитателей снежного дома".
(Глазами этнографов.М.,"Наука,I982,С.4).
Ошондой эле:"Что древние жители Сибири возводили жилища и из мамонтовых бивней, и из китовых ребер,обтягивая их шкурами". Плавучая жилища (например, у некоторых народов Юго-Востояной Азии), переноска жилища - юрта,чумы,тапи (у кочевников Средней Азии, народов Севера, индейцев прерий), дома-башни (у народов Кавказа, у части арабов,некоторых народов Афганистана). (Аталган эмгек, 5-бет).
Жогоруда бул адамзат коомунун өнугушундөгу материалдык маданияттын улгулөрун таанып билуудө тарыхый булактардын тактап айтканда археологиялык, этнографиялык багытынан учкай көз салдык. Эми тарыхый булактардын адам баласынын турмушундагы эң маанилуу багыты лингвистикалык тилдик булактар да, материалдык маданияттын улгулөрун окуя уйрөнуудө эң маанилуу орунда экендиги шексиз. Ошол адам баласынын алгачкы жашоосундагы жөрөлгө, ырым-жырым,салт ар ~~кандай~~

бир элик оозеки айтымдарында,фольклорунда, жомок, ыр, табышмак, макал-ылакаптарында муундан-муунга өтүп, оозеки жана жазма булактарда сакталып келүүдө. Адам турмушундагы так-жайга, кийим-кече, буюм-тайым,идиш-аяк,зергер буюмдардын аталыштары, б.а. түрк тилдүү элдердин лексикасында материалдык маданияттын бардык үлгүлөрүнүн аталыштарынын бай сөздүгү кездешет. Мисал,а "Манас" эпосундагы боз үй түшүнүгүнө байланышкан "журт" сөзү эпосто абдан көп учурайт .М:

Кымбатым, журтум,тилимди ал,
Силерден сурайм угуп ал!
Ак сакалдуу карың ук,
Кырк уйлуу кыргыз, баарың ук!

(С.К. Б.,"Кыргызстан",1995,117-б.)

же болбосо:

Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,
Кырк уйлуу кыргыз журт үчүн
Курман болуп кетейин.

(С.К."Кыргызстан",Б.,1995,256-б.)

"Журт" сөзү "юрта" - боз үй түшүнүгүн билдирген термин. Андыктан ошол "журттук" орусча "юрта" аталышын анализдеп көрөлү.
"Слово "юрта" происходит от "джурт" что в переводе означает место,где живет семья и населения. При встрече алтайцы спрашивают "Дьуртын кайда"(букв. ~~смысла~~ где твое место жительство). Поэтому слово "юрта" не означает названия жилище, но в отнографической литературе оно приобрело именно это мысл. Для обозначения жилища у алтайцев есть другое слово,которое точно отражает это понятие - айл". Они например говорят "Айлга кир" (Войди в дом)

(Тошякова Е.М. Традиционные юрты народной культуры Алтайцев.(XIX-нач. XXв.) Новосибирск, I978г. I8I-б.).

Ал эми "журт" сөзү байыркы түрк сөзүндө "дом,владение, место жительство, земля, страна" деген түшүнүктү берет. (древнетюркский словарь.Л.,I969,282-б.). Андан ары "журт сөзүнө байланышкан көз караштарды мисалга тарта берсек:

I. "Термин юрт в значении "место для ночевок" в Средней Азии и Иране широко пользуется начиная с XШв. Ссм:МИТТ,т.I, С.463, прим.

2. В данном случае он употреблен в значении "стране", Литературу о слове юрт см.: И.Н.Березин. Рашид-Эддин, стр.247,прим.II9-

Слово юрт. (      ), по всей вероятности, восходит к глаголу

,"ходить","идти";

таким образом могло первоначально значить "хождение", "кочевание",место для кочевания".

Слово "кибитка","юрта","дом" следовало бф транскрибировать в виде ав ; в современном узбекском произношении это слово звучат , туркмены это произносят , что в арабском графике писалось в виде "хозяин","отец семейства","семейный","женатый", одно "семейство", составляющее дом, кибитку,тягло"(Л.Будагов. Ср.Словарь.Т.I. стр.I63). Е.Д.Поливанов (К.этимологии слова у , э ,"дом","юрта", стр.86) на основании звуко вого совпадения "дом с китайским

(-ныне ) "город" считает возможным предложить,что это слово заимствовано у китайцев.

- Историческая фонетика тюркских языков подсказывает другой возможный путь происхождения этого слова:

су "вода".Корень "оба"ов следует сопоставлять с таковым в слове

оба "юрта","семья","кочевье" (В.В.Радлов.Словарь.Т.I.с таб.II57)), которое в свою очередь, возможно,связано словом (см.прим.IIO) Этнографическое списание туркменской кибитки см.: П.Иванов. – кибитка. Туркменоведение,I930,№8–9, стр.47–50.

Жогорудагы келтирилген мисалдардагы "журт" сөзүнөн сырткары байыркы байлардын өткөндөгү материалдык маданиятынын тарыхындагы ар кыл предметтердин өмүрнамасин изилдөөгө жардамы тиймек. Азыркы тилдердин тарыхын изилдөө менен тарыхы тамырлаш элдердин тили, тарыхы жаралуу доорун тактоо, ал элдердин колдонгон материалдык маданиятынын үлгүлөрүнүн тарыхын салыштырып кароо, өзүбүздүн илимий изилдөөбүздүн түпкү максатына жетүүгө түрткү бермекчи.

Боз үйдүн өмөректеринин аталыштары, ал сөздөрдүн тарыхый мааниси, ага байланыштуу ыр, макал-ылакап,табышмактарды, оозеки чыгармачылыктын океаны болгон "Манас" эпосундагы кеңири кездешкен "боз үй" түшүнүгүнө байланышкан жалпы эле материалдык маданият үлгүлөрү аркылуу элдик философиялык, педагогикалык, салттык ыйык жөрөлгөлөрүнө чейинки көз караштарды камтып, улам тереңдетип ачып чыгуу биздин алдыдагы эң орчундуу максаттардын бири экендигин баса көрсөтүүгө тийишпиз. Эпостогу же жалпы эле материалдык маданияттын предметин изилдөөдө тарыхый булактардын комплекстүү бири-бирине жардамга келүүсү изилденип жаткан обьектинин толук мүнөзүн ачууга шарт түзөт.Байыркы доордун туундусу болгон "Боз үй" түшүнүгүн ошол тарыхый булак таануунун бирдиктүү тарыхый, археологиялык, этнографиялык жана лингвистикалык, тилдик жазма булактары аркылуу гана изилденгенде өз өтөөсүнө чыга алмак.

Жогорудa биз сөз кылып жаткан адамзат тарыхынын баскычтары жапайычылык,варварлык,цивилизациялык, же болбосо алгачкы общиналык коомдун этаптары:I.уруучулдук. коомдун жаралышы менен мерген-

чилик, аң уулоо; 2. өнүккөө уруучулдук коом, көчмөн мал чарба жана дыйканчылыктын өнүгүшүн камтыган тарыхый доордогу адам баласынын жашоо-тиричилигиндеги "үй","баш калкалоо" түшүнүктөрүндөгү эволюциялык өнүгүү жолдорундагы этаптык бөлүнүштөрүн чечмелей кетсек. Адам баласынын тарыхындагы илимий түрдө аныкталган 3 этабын тактап айтканда жапайылык (таш доору) варварлык жана цивилизациялык этаптарын "баш калкалоо","үй" түшүнүгү менен ачык аныктап алсак. Анда: I. жапайычылыкка - таш үңкүр, таш кобулдары, сөөктөрдөн жасалып, айбанаттардын териленинен жабылган үйлөрдүн формалары.
2. варварлык этапты - боз үй, алачык, үйлөрдүн дагы башка өнүккөн формалары.
3. цивилизациялык - үйлөрдүн жаңы өнүккөн түрлөрү жана көп катмарлуу үйлөрдүн өнүгүү процесси.
Биздин ушул үч тактаган этап аркылуу "үй" түшүнүгүн анализдеп ачып берүүгө жол ачмакчы. Аталган алгачкы тапта адам баласы үңкүрлөрдө табигый өмүр кечиришкени менен жасалма үйлөрдүн пайда болуусу да өнүгө баштаган. Үйлөрдүн өнүгүү этаптары адамдардын өндүрүштүк мамилелери менен географиялык климаттык өзгөчөлүктөрү да зор мааниге ээ болгон.

"В позднем палеолите широко представлен жилища с каркасом из костей животных. Жилище,вскрытое не поселении Костенки имело 35 м. в длину и I6 м. в ширину; но это центральной оси было расположено 9 очагов. К концу эпохи позднего полеолита наряду с обогревавшими и освещавшими жилище очагами, по-видимому,появляются и специальные осветительные приборы,подобные употребляемым эскимосами,чукчами и коряками: это лампы из камня, в выдалбленном углебление которого помещается жир и фитиль" (история первобытного общества.М.,ВШ,I974,73-74-бб.).

Бул далилденген үйлөрдүн ар кыл түрлөрүндө адам баласы көп миңдеген жылдар бою баш калкалап, муундан муунга өткөрүп келишкен. Мында адамзат тарыхынын экинчи этабына же көчмөн мал чарбачылык, дыйканчылыктын өнүгүү этабына чейин үйлөрдүн бул формалары жашап келди. Коомдук өнүгүүнүн экинчи этабына эмгек куралдарынын жаңы баскычы менен бирге адам баласынын жашоо тиричилигиндеги баш калкалоонун, үйлөрдүн жаңы үлгүлөрү жаралды. Мында мурунку этаптагы туруктуу, бир орундагы үйлөрдөн айырмаланып көчүп жүрүүгө ыңгайлашкан үйлөр пайда болду. Байыркы көчмөн мал чарбачылыгы өнүккөн элдердин баш калкалап турагы болгон "боз үй" адам баласынын тиричилигиндеги экинчи доордун келиши менен тарых бетиндеги өз өмүрүн баштады. Баш калкалоонун ушул формасы менен катар таш үйлөр, кирпич үйлөрдүн жаңы түрлөрүнүн өнүгүшүн айта кетсек болот. "В это время и в начале 3 тысячелетия жители Двуречья уже строят из кирпича - сырца не только жилища, но и большие общественные здания и храмы,начинается сооружение оросительных систем, появляется гончарный круг и колесный транспорт. Вообще, в позднем энеолите закладываются основы будущей шумерской цивилизации".(История первобытного общества. М.,ВШ,1974,129-бет).

Көчмөн мал чарбачылык - өндүрүштүн эркин, ыңгайлуу түрү. Мында жайыт,чөп,суунун ыңгайына жараша төрт түлүк малды өстүрүүгө негизделет. Ушул жагдайда көчмөндөрдүн материалдык маданияты, турмуш-тиричилиги, тамак-ашы жөнүндө байыркы жазмаларда, Геродот, Страбон өздөрүнүн эмгектеринде белгилеген. "Среди всех известных нам народов только скифи обладают одним, но зато самым важным для человеческий жизни искусством. Ведь у скифов нет ни городов, ни укреплений, и свои жилища они возят с собой". (Геродот.История.Л.,1972, 198-199-бб.).

Бул айтылган ойдон улам "Манас" эпосундагы көчмөн турмуштун мүнөзүн чагылдырган "боз үйгө" байланышкан түшүнүктү мисалга тарта кетсек:

Көчкөн болсо буктөгөн
Көлүктөргө жүктөгөн.
(С.О.З-к. Ф.,"Кыргызстан",1981,102-б.).

же:

Жүк артканы баарысы
Коңгуроолу кара нар,
Кол менен көчү барабар,
Боз үйлүү кыргыз тукумун
Кылган ишин караңар.
(С.О. З-к. Ф.,"Кыргызстан",1981, 79-б.)

Көчмөн турмуштун негизги "атрибуттары" төрт түлүк малга байланышкан мисалга жылкынын турмуштагы орду, көчмөнчүлүктүн мүнөзүн жылкысыз элестете албаган сыяктуу, көчмөндөрдүн тамак-ашы: кымыз, эт, кийими: тери, жүнсүз элестетүү мүмкүн эмес сыяктуу. Тарыхый жана илимий булактарда айтылып келген кыргыз жана көчмөн башка тектеш элдердин ата-бабалары деп эсептелген хунндар, усундар, сак, кангды, кыпчак уруу-тайпалары жөнүндөгү тарыхый маалыматтар арбын учурайт:"Хунны обыкновенно питаются мясом скота, пьют его молоко,одеваются его кожами, скот питается травами, пьет воду. Смотря по временам переходят с места на место".

(И.Бичурина. Собрание сведений о народах,обитавщих в Средней Азии в древние времена. Т.I. М.,1950,58-б.)

Бул көз карашка улай эле:

"Важный научный интерес представляют сообщения древнекитайских источников об усунах, одних из предков современных киргизов в Ш в. д.н.э. об усунах говорится,в том же духе, что и о хуннах,

чео они, со скотами перекочевывают с места на место смотря же приволью в траве и воде. В обыкновениях сходствуют с хуннами" (аталган китепте. Т.I. I90-б.)

Бул аталган илимий булакта хуннардын турмушу, алардын материалдык маданиятв жөнүндө кеңири маалыматтар баяндалган. Албетте, боз үй жөнүндө да өзгөчө маалымат камтылган: "В I в. д.н.э. в других скотоводствах Средней Азии сообщается,что они искусны в конной стрельбе из лука, занимаются ловлею зверей и птиц. Живут в круглых юртах, из кона выход обращен к востоку" (аталган китеп.Т.I I42-б.)

Көчмөн турмуштун мүнөзүн кеңири чагылдырган баалуу илимий булактарды ошол байыркы авторлор менен катар азыркы жазма булактардын аталыштарын мисалга тарта кетсек максатка ылайыктуу болор. Бул баалуу материалдар көчмөндердүн материалдык маданиятын, тарыхын окуп үйрөнүүгө, илимий иштин камтыган объектисин ачууга мааниси зор экендиги белгилүү. Көчмөн элдердин тарыхын изилдөөдө албетте Н.Я.Бичуриндин эмгектеринин баалуулугу талашсыз. Бул эмгекте аталган римдик акын Вергилийдин жалаң көчмөн малчарбачылыкка арналган "Букалику" аттуу поэмасы 4 китептен турарлыгын маалымдаган. Мындан сырткары байыркы кытай тарыхчысы Сыма-Цяньдын (биздин эрага чейинки I кылымдын акырында жашаган автор) "Исторические записки" аттуу эмгеги. (изд. "Наука", Москва, I986, том.I,П,Ш,IУ,У); П.Н.Гумилов "Древние тюрки","Эфталиты и их соседи в IX в."("Вестник древней истории",I959,№I. Г.А.Мерков. Кочевники Азии",М., I966. (Диссертация на соискание ученой степени доктора исторических наук);А.Н.Бернштам "Очерк истории гуннов", М.I95I.

Бул маселелерге окумуштуулар В.В.Радлов, В.В.Бартольд,Н.А.Аристов, К.А.Иностранцев,Х.Хирт хунндар жөнүндө өз эмгектеринде ар тараптуу өтө терең маанайда кайрылган. Франциянын атактуу тарыхчысы

А.Тьерри (1797-1873-жж.) хундардын ханы жөнүндө "Аттил тарыхы" аттуу эмгегиндеги Аттил баатыр жөнүндөгү маалыматты мисалга тарта кетсек. "Аттил ысымы адамзат тарыхындагы улуу адамдар - Александр Македонский менен Юлий Цезардын катарынан орун алды"- дейт автор. ("Билим жана эмгек" №2 1987, 4-бет). 19-кылымда жарык көргөн Франциянын чоң энциклопедиясында хун жоокерлеринин сүрөттөрү, хун жоокеринин башындагы баш кийими азыркы кыргыздардын калпагынын элесин берет. Ошондой эле бул сүрөттөрдө хун арабасынын үстүндөгү боз үй түспөлүндөгү көчүп жүрүүгө ылайыктуу үйдүн формасын да көрөбүз. Бул боз үйдүн (сүрөт тиркелет) байыркы түрүнө кирген "каңка" экендигин ишенимдүү эле айтуубузга негиз түзмөкчү.

"Манас" эпосундагы ошондой эле алтай, якут элдеринин эпикалык чыгармаларындагы адам баласынын "баш калкалоо" "үй" түшүнүктөрү жөнүндөгү кездешкен белгилер байыркы-мифологиялык мүнөзгө ээ. Эпостордогу "үй" түшүнүгү адам баласынын алгачкы общиналык коомунан азыркы цивилизациялык мезгилге чейинки үйлөрдүн ар кыл формаларынын эволюциялык өнүгүшүн камтыган эпизод,сюжеттерди көрөбүз. Адамзат коомунун урууччулук этабынын өнүгүшү аркылуу уруулардын аталышы байыркы мифологиялык белгилерди камтыган "тотемдик" белгилер башкача айтканда уруулардын айбанаттардын аттары менен аталышы "Аюу"эне,"Бөрү" эне,"Бугу эне" түшүнүктөрү кездешет. Бул эпостордогу тотемдик салттык түшүнүктөр адам баласынын алгачкы общиналык түзүлүшүндөгү баш калкалоонун табигый эвоюциялык этабынын түпкү туундусу "үңкүр" менен түздөн-түз киндиктеш экендигин баамдасак болот. "Манас" эпосунда учураган мындай көрүнүшкө көңүл бурсак! "Манас Чоң казаттан каза болуп, Абыке, Көбөш "алты арам" биригип Манастын ордосун талап, жетим калган элине, жесир калган теңиге зордук көрсөтүп, атадан калган жалгыяз туягы Семетей-

дин көзүн тазаламакчы болгондо аны ала качып жөнөйт. Жолдо чарчап Кайыпчынын кара үңкүрүнө жашынат:

Кара Кырдын кара үңкүр,
Мусулманга даана үңкүр.
Ай төбөдөн баткан жер
Каста олуя жаткан жер
Чаңдап жаткан бел эле,
Олуя жаткан жер эле
Карып мискин качканда
Медет кылчу жер эле
Тегереги мунар түшүп,буратанган
Жээ туман түшүп айланган,
Адамдын көзү байланган,
Түзүнөн түлкү шимшип жүрбөгөн,
Бөксөсүнөн бугу айбан жүрбөгөн
"Тегереги чеп ошол
Жетимди бекитип кеткен жер ошол.

(С.К. Семетей. инв.№544, 139-б.)

Мына ушуга катар эле Алтай элинин эпосу "Маадай Карадагы" душман Кара-Куладан баланын жашынган аскасынын бир элесин мисалга тарта этсек:

На вершину девятиступенчатый
Черной гору
Кара-Кула хотел подняться- не смог
Когда к подножию этой горы прибыл,
Черный туман **вскипел**,
Снег с дождем пошел-такой стала эта земля
ничего сделать не сумев

Белый скот /тогда/ он погнал

Землю разорил.

/Маадай Кара. Алтайский героический эпос. 276-б./

Жогорудагы келтирилген мисалдардан улап кандай жыйынтык чыгарсак болот. Табият менен адамдын ортосундагы байыркы архаикалык тушунук, адам табияттын ажырагыс бөлукчөсу. Турк элдеринин дуйнөтаануусунда табияттын башталышы эне менен киндиктеш. Бул тушунук албетте кайра эле "уй" тушунугунө барып такалат. Байыркы адам баласынын туздөн-туз табигый"баш калкалоо уйу" "Жер эне" болуп келгендиги жөнундө кэптөгөн тушунуктөр биздин дилибизге бугунку кунгө чейин жашап келуудө.

"Современная наука все настойчивее склоняется к признанию моноцентричности происхождения человеческого рода,-иначе говоря, наши предки появились в одном конкретном месте планеты. Поэтому вполне правомерно предположение, что фигурально выражаясь, все мы спустились с Лунных гор.

О том, что человек мог стать человеком лишь в условиях гористой без лесной местности, писал еще в 20-х годах крупнейший зоогеограф академик П.П.Сушкин. Он, правда отдавал предпочтение горам и среднегорью Азии. Но в чью бы сторону ни решился спор, вполне вероятно, что мы все -"люди с гор".

/ И.Забелин. "В.С.",№I,1972,№I,январь,24-б./

Бул айтылган ойду далилдуу терең изилдеп берген немец окумуштуусу И.Г.Гердердин "Идеи к философии истории человечества". ("Наука", М.,I977г.) аттуу эмгегинде ынанымдуу баяндайт. Ушул ойлордон улам бугунку кундөгу боз уйгө байланыштуу айтылып келген символикалуу тушунуктөр мисалы: "Керегем сага айтам, келиним сен ук"-

бул элдик тарбиянын байыркы мезгилинен берки жашап келген улгусу десек болот. Мында, Кер+егем= жердин ээси, тактап айтканда аялдын, эненин символу. Боз уйдун эмерек-сээгун, толук, ар тараптуу ачып беруу келечектин иши.

Эми "Манас" эпосундагы табигый баш калкалоонун тактап айтканда,"ункурдон" кочмондор цивилизациясынын туундусу "боз уй" тушунугунон мисал келтире отолу.

Жошо кошпой сырдаган,
Шамал согуп жел тийип
Ыссыкка жакшы болот деп
Боз уй кылып чыңдаган,
Узуктерун кылдаган
Ууктарын уктаган,
Туурдуктун баарысын
Учуга менен тыштаган
Тундугун алтын чаптырган
Зымпар боодон тактырган.

(С.О. П-китеп, 417-б.)

же болбосо:

Кайыңдан тундук ийдирген,
Каалга,таяк босого
Канча турдон чийдирген,
Ууктарын кылдаган
Каалга менен керебе
Канча турдон сырдаган,
Чийин жибек чырмаган
Асемдеген ак сарай,
Салтанаты бир далай. /С.О.П-китеп.Ф.К.1982-ж.51-б.)

"Манас" эпосундагы боз үйгө байланышкан сүреттөөлөр эпостун негизги өзөгүн түзбөсө да анын фонунда мазмундук бөтөнчөлүктөрүнө карата жандуу бир сызыкта өнүгүп отурганын байкасак болот. Албетте, "боз үй"өзөгүнүн турган туруму менен эпосто кургак баяндала бербестен тескерисинче эпосто учураган элдик ой-санаа, көз караш, дүйнөтаанымынан тартып, материалдык маданий үлгүлөрдү, көчмөндөрдүн ашканасына чейинки бай, баалуу мазмунду камтыйт. Изилдөөнүн борборунда турган ата-бабалардын баалуу мүлкү "Боз үй" келечектеги тереңдеп изилдене турган соолугус кенч экендигин ишенимдүү айтууга тарыхый да, илимий да негиз бар. "Манас" эпосундагы эң урунттуу окуялар:"Манастын төрөлүшү","Көкөтөйдүн ашы","Чоң казатка" чейинки линияда "боз үй" катышпаган бир дагы элдик салтка байланышкан той, аш салтанаттарды элестетүү мүмкүн эмес. Бир учурдагыдай боз үйдүн музейдик абалынан эмес, турмуштук практикадан, дүйнөлүк деңгээлге чейинки мүнөздө ачып берүү милдети турат. Албетте, бул айтылган ойлорго карата эгемен мамлекетибиз тарабынан элдик буюм-тайымдарга, анын ичинен боз үйгө болгон аяр сыйлуу мамилелер күчөдү. Мунун бир мисалы катары "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесиндеги тигилген боз үйлөрдөн тартып, бүгүнкү күндө Америка,Швейцария, Германия, Англия, Португалия өңдүү өлкөлөрдө атайы киргизмолордо катышып жаткандыгы мунун далилдүү мисалы.

Элдик оозеки чыгармачылыктын көч алды катары жүргөн эпосторубуздан тартып, макал-лакап, учкул сөздөр, табышмактарга чейин боз үйгө байланышкан түшүнүктөрдү иликтөөгө алып, карап чыгуу биздин илимий изилдөөбүздүн бир бутагы болуп эсептелет. Элде учураган боз үйгө байланышкан табышмак, макал-ылакаптардан мисалга тарта кетсек:

Токсон койдун териси,

Тон чыкпаган була баш,
Сексен койдун териси,
Жел чыкпаган була баш.

же

Адамды жутуп ийсе көрдум дебейт,
Терисин сыйрып алса эч бир сезбейт...

Бир кыз бар жоолукчан,
Ичинде балдары бар от чыккан.
Кундузу сыйрып чылат,
Тункусун кайра салынат?

(Чечмеси: боз уй; Табышмактар,"Илим,Ф.,1985,
181-182-беттер).

Ушуну менен катар макал-лакап, туруктуу учкул сөздөрдө "боз уй" тушунугу жандуу жашап келуудө.

М.: Уугум сага айтам,
Уулум сен ук!
Босогом сага айтам
Бозоюм сен ук!..

же

"Өз уй - элөң төшөк,
Өз эл - өмурлук жөлөк".

"Өтугу жаман төргө өтпөйт.

"Эшигин көруп, төрунө өт".

"Бирөөнун уйун чечмек бар, тикмек жок".

"Уйгө ут киргенде, малга сут кирет".

"Керегеде кулак бар, ишенээр болсоң ыраак бар".

"Үңкүр да болсо үйүм бар".

Мына ушул сыяктуу эл оозунда жашап келген түшүнүктөр арбын учурайт. Макал-лакаптарды да атайы бөлүштүрүп, боз үй түшүнүгү боюнча, алардын бөлүнүштөрү болгон жыгач-сөөктөрдүн, жип-шыяларынын, ырым-жөрөлгөлөрүнө чейин макал лакаптарды өз-өзүнчө топторго бөлүү максатка ылайыктуу.

Адамзат коомунун өмүрканасындагы баш калкалоо, турак жайлардын эволюциялык өнүгүү жолундагы биз аныктаган, жапайычылык (үңкүр), көчмөн варварлык (боз үй), цивилизациялык (азыркы айыл, шаарлардагы көп катарлуу үйлөр) формалары боюнча үңкүр, боз үй, шаар жөнүндөгү "Манас" эпосунан үчкай мисалдар аркылуу анализ жүргүзүүдөбүз. Илимий изилдөөнүн чордонунда турган "Боз үй" дүйнөсү боюнча кененирээк маалымат башкача айтканда келечектүү иш-пландарыбызды, ой-мүдөөбүздү ортого салуу милдети турат. Боз үй ааламын илимий негизде ар тараптуу чечмеленсе бирдиктүү бир "боз үй" энциклопедиясын түзүүгө шарт түзмөкчү:

1. Боз үйдүн пайда болгон доору, кылымы, тарыхын жазуу.
2. Боз үйдүн эмерек, сөөк, жыгачтарынын символдук белгилерин чечмелөө.
3. Боз үйдүн жалпы түрүмүн геометриялык, математикалык сандык өзгөчөлүгүн аныктоо.
4. Боз үйдүн жалпы адамзат коомунан алган орду. Адам дили, экология, экономикадагы көчмөн цивилизациянын мааниси.
5. Боз үйгө байланышкан жомок, легенда, уламыш, макал-лакаптар, ыр, учкул сөздөр, аларды бөлүштүрүп, өзүнчө илимий иретке келтирүү.
6. Боз үйдүн борбору болгон адам турмушунун төрөлүү-өлүм жолуна чейинки баардык салт, жөрөлгөлөрдү камтуу.

М.: Тэрөлуу, элдик тарбия, конок кутуу, тамак-аш бөтэнчөлугу, аял-эркектин орду, кол өнөрчулугу, дуйнө-таанымы ж.б.

7. Боз уйдун жалпы философиялык таанымы.
Философиялык категориялар ак-кара, өмур-өлум, убакыт, мейкиндик өлчөму, оң-тустун чечмеленуусу.

8. Боз уйдун бөлунуштөру.
Боз уй, кийиз уй, ордо уй, ак өргөө, жолум уй ж.б. алардын турмушта колдонуу тартиби.

9. Боз уйдун ичиндеги эмерек буюм-тайымдардын орду (эркекке байланыштуу) аларды колдонуудагы элдик символдор.
М.: бакан, камчы, сабаа, ээр-токум ж.б.

10. Боз уйдун аялга тиешелуу буюм-тайымдардын символдук орду.
М.: көшөгө, жер төшөк, көлдөлөң ж.б.

11. Боз уйду жасоодогу колдонгон материалдардын турмуштагы орду, символу. (М.: жыгач+жун+тери).

12. Байыркыларды көз, ун, даам менен таануу категориясын киргизуу. (көз менен таануу - боз уй, ун менен таануу - комуз, даам менен таануу - ак, кымыз, бул уч биримдикти Боз уй+адам=аалымы аркылуу алып чыгуу).

Мына ушундай "12 канаттуу" бөлунуш менен боз уй аалымын ачып беруу биздин бирден бир келечектуу максатыбыз.

Эми кайрадан турак жайлардын эволюциялык өнугушундөгу "Манас" эпосунда учураган уйлөрдун "цивилизациялык" формасы болгон "шаар" тушунугунөн учкай мисал кыла кетсек. Эпосто "боз уй" менен катар эле географиялык аймактар, жер-суу аталыштары, азыркы шаарлардын аттары да аталат. Көчмөн цивилизация турак жайы жеке "боз уй" менен чектелген деген ойдон алыспыз.

Мисалы: Манас төрөлгөндө хан Жакып той бермекчи болуп, төгөректүн төрт бурчунан эл чакырат:

Арбын малым Алтайда,
Канча малым Кан-Тоодо,
Жылкымды чети Шыйкуда,
Коюм сексен миң экен,
Конушум Кара-Шаарда,
Жакшы бир той кылайын
Жаздын алды баарда
Кулан-Жайлак,Куу-Тезде
Кур атым жатат бу кезде.
Чыландын башы Чөңөр-Жар
Аз болгондо алты миң ашык төөм бар.
Карагайлуу Камбылда
Кар баспаган Жамбылда,
Өзөнгө жайсам толду эле,
Жеке өзүмө караган
Жети миң үй болду эле.
Баарына кабар салайын.
Малымды жыйып алайын.
Азыркы турган аз кыргыз
Алы кетип күтө албас
Анжиян менен Ташкенге,
Аларга кабар салайын,
Ага-инимдин баарысын
Бир чогултуп алайын
Кашкар деген кыштакты,
Кабак-Арт менен Сары-Колдо
Кабырга тууган кыпчак бар.

Кашыма жыйып алайын. (С.О.I-китеп,Б.,1995,152-б.)

же

...Самарканды,Жызакты
Санатын айтып узатты.
Оро-Төбө, Коженттти,
Олуя-Ата, Ташкенди
Оргуп Кокон, Маргалаң
Иле менен Чуйуно,
Кабарымды уккандар
Калбасын-деди-уйунө. (С.О. I54-б.)

Жер-суу аталыштары, эпосто учураган шаарлар, алардын жаралуу, пайда болуу доору тарыхта такталган даталары ар кыл. Көчмөн цивилизациянын дуркурөп өнугуп турган учурунда да шаарлар өнугуп келгендиги тарыхта маалым."Биздин эрага чейин (миңинчи жылга таандык Ысык-Көлдун Туп булуңундагы суу астынан табылган Чигу (кыргызча Чигил, Кызыл эрөөндун шаары), ал шаарда жашаган элдердин тагдыры, ал шаар көчмөн-усундардын ордо шаары катары жана Улуу жибек жолундагы Тянь-Шандын байыркы соода борбору катары белгилуу болгон".

(На берегах Иссык-Куля. Б.,1992)

Бул шаар жөнундөг тарыхый баалуу материал катары "Шиңзы" (Исторические записки), анда кытайлык саякатчы Чжен Цянь Чигил (Чигу) шаарына алгач кимдер баргандыгы тууралуу да өзунун эмгегинде билдирет. (Аталган китеп. 92-бет).

Улуу Жибек жолунун дагы бир багыты катары Памир Тоо кыркалары экендиги тарыхта белгилуу. Памир бийик тоодогу көпурө катары Кытай,Индия,Оганстан менен Бухара,Самарканды туташтырып турган Улуу

Памир жолу атагына арзыган. Ушул улуу жолдун тогошунда Батыш Памирде байыркы шаарлардын, чептердин урандылары табылган. Бул биздин доорго чейинки Ш миңинчи жылдарга таандык экендигин тарых танбайт. ("ВС", 1972.№I, январь. 27-б.)

"Манас" эпосунда кездешкен азыркы шаарлардын тарыхый аталыштарынан тартып, ошол манасчынын көз карашында, кыял дүйнөсүндө жашаган өзгөчө шаар керемети да кездешет. Буга мисал катары Р.З.Кыдырбаеванын "Генезис эпоса "Манас". Ф.,1980.) аттуу китe эмгегинин 63-бетинде жогорудагы ойду далилдеген. мисалды келтире кетели:

"Город в "Манасе" изображается как сказочная страна, он совсем не похож на обычные города, это скорее всего какой-то обетанный край,какая-то загадочная земля, а не реальный город".

"Манас" эпосундагы үй формаларынын эволюциялык өсүп-өнүгүүсүндөгү жогорудагы аныкталган жапайычылык,варварлык,цивилизациялык этаптарын эпостогу мисалдар аркылуу учкай маалымат бердик. Бул чечмелөөлөр аркылуу "боз үйдүн" бүтүндөй тарых,эволюциялык өнүгүшүн толук ачып бердик дегенден алыспыз. Биздин бул илимий изилдөөбүздүн эң актуалдуу жагы деп биринчиден, мурунку саясий-идеологиялык түзүлүштүн жашап келген мезгилиндеги ата-бабалардын улуу тарыхы бурмаланып келди. Ушул жагдайдан караганыбызда миң жылдан ашуун өмүр жашы бар элдик материалдык маданияттын үлгүлөрү эски доордун саркынды, жараксыз буюмундай музейлик турмушту баштарынан кечирип келишти. Биздин изилдөө ишибиздин объектиси болгон боз үйдүн тарыхын ачып берүүдө биз мурунку кылымдарда жашап өткөн саякатчылардын, тарыхчылардын,окумуштуулардын калтырып кеткен тарыхый эмгектерине таянуу менен эч тартынбастан өз элибизге таандык материалдык маданияттын башында турган боз

уйдөн тартып, кийим-кече, тамак-ашыбызга чейинки өзгөчөлуктөрду кийинки урпактарга бурмалабастан, так айкын ачып беруу.

Экинчиден, Баарыбыз эңсеп куткөн эгемендуулуктун аркасында Бордук Азиядагы тили тектеш элдердин эң байыркылары деп аталган кыргыздар, алардын дуйнө таанымы, салты, тутунган буюм-тайымына чейинки бурмаланган жактарын аныктап, нагыз улуттук аң сезимди эстуруу менен улуттук идеологияны туптөө максаты.

Бул иликтөө иштин максаты катары жогоруда айтылган I2 бөлуктөн турган боз уйду комплекстуу изилдөө жалпы эле элдик оозеки чыгармачылыктын улгулөру, эпостордогу материалдык маданияттын улгулөрунун тарыхый, этнографиялык, тилдик бөтөнчөлуктөрунө чейинки этаптарды талдоо жана тактоо. Мурда изилденип келген материалдык маданият тармагындагы илимий эмгектерден, изилдөөлөрдөн айырмаланган жаңычылдыгы катары изилдөө обьектисинде турган предметти бир беткей этнографиялык ыкма менен эмес комплекстуу кароо аны тарыхый салыштырма метод аркылуу ачып беруу, бул иликтөөнун жаңычылдыгын тузөт деген ойдобуз.

Илимий изилдөөну ачып берууда баалуу тарыхый жана илимий булак катары адабият базасын тузгөн Геродот, Сыма Цянь, Бичурин Н.Я. өңдуу тарыхчылардын тартып, саякатчы-иликтөөчулөрдун (Рубрук, П.Карпини, Ибн-Батута ж.б.) бул тармакка байланышкан тарыхый булак, фольклор сөздуктөргө чейинки эмгектер пайдалануу обьектисин тузду.

Элибиздин эркиндик доорундагы боз уйдун мааниси, анын практикалык турмуштук өзгөчөлугу кун санап өсуудө. Ушул жагдайдан ой жугурткөндө изилдөө иштин практикалык мааниси эгерде натыйжалуу, толук кандуу изилденип бутсө баалуу тарыхый-илимий колдонмо катары өз милдетин аткарат деген тилектебиз.

БОЗ ҮЙДҮН БУЮМДАРЫНЫН АТТАРЫ

I. Үйдүн түндүгүнөн үйгө жамгыр, кар жаабасын үчүн жана шамал түтүндү тоспосун үчүн түндүк жабууну көтөргүч менен көтөрүү керек болот. Ошондуктан көтөргүчтүн учу кирип турсун үчүн түндүк жабуунун төрт бурчунда төрт чөнтөгү болот, ал чөнтөктү "тəтəгө" дейт.

2. Түндүк жабууну көтөрүүчү бакanды "көтөргүч" дейт.

3. Үйдү тигип жатканда түндүктү көтөрүүчү бакан болот, ал бакандын учу эки ачакей болот. Ошол ачакейлүү бакanды "түндүк бакан" дейт.

4. Керегe, үук болуучу ичке талдын ийри жерлерин түзөтүп, баштарын ийип үук, кереге жасоочу станокту "тес" дейт. Тес болуучу жыгачтын жоондугу балтоонун жеңиндей, узундугу бир метр 70-80см. дей болот. Ал жыгачтын дал ортосун оет, эки башына бийиктиги белчеден болгон айырмач тургузуп, ошол айырмачтарга тести орнотот, эки башын эки айырмачка бек байлайт. Ошону менен тес орнотулган болот.

5. Тестин ортосундагы оюкка кабыгы аарчылып кургатылган талды салып, аны ары-бери түзөтүүчү жана ийүүчү узундугу бир жарым метр келген, жоондугу көйнөктүн жеңиндей болгон жыгач болот, аны "бел жыгач" дейт. Бел жыгачтын учунун эки карыш жери атайы жалпак кылынып кесилет. Бел жыгачтын жалпак жагы тестин оюгуна коет, анын сабы сол жак белде турат. Талды бел жыгач менен теске кыпчып ары-бери ыйкоо менен аны түзөтөт, башын ийет, ошентип кереге, үук жасайт.

6. Кереге, үук болуучу талдардын кесилип ташталган, бутактарынын ордун жылмалоо үчүн, талдын дөң жерлерин тегиздөө үчүн жана кереге менен үука алардын жоонураак учтураны алакан жасоо үчүн

колдонуучу куралды "тарткы" (рубанка) дейт.
Тарткынын узундугу болжол менен 20-30 см., жазылыгы беш-алты см. болот. Эки учунда эки кол кармагыч жыгач сабы болот. Тарткынын жалпак кырынын бир жагы курчутулган миз болот, бартки бир аз ийилип жасалат. Эгерде ал туз болсо уук, керегенин жумур болушуна кыйынчылык келет.
7. Уук менен керегенин алакандарына жол-жол кылып сай салат. Ал салынган майларды "кобул" дейт.
8. Кобул салуучу куралды, "кобул салгыч тарткы" дейт. Кобул салгыч тарткы куду эле тарткынын өзүндөй болот. Алардын айырмасы миздеринде болот. Анткени кобул салгыч тарткынын мизи араанын тишиндей ача-ача болот. Ошол ачанын бир жак бети туз эле жалпак болот, экинчи бети ойук болот. Аны менен тартылган кобул жумур болуп түшөт.
9. Ууктун алакан жакы башын уук боо байлоо учун көзөп теше турган жана керегенин башынан аягына чейинки көзду көзөп жасоо учун жасалган куралды "ушку" дейт.
Ушку ичке, узундугу 14-15 см. жана жумуру болуп темирден жасалат, анын бир учу шибегедей учтуу курч болот, бир учу ичкертилет да жоондугу билектен ичкерээк, узундугу жарым метрче келген жыгачтын бир учуна сайып бекитилет. Жерге эки казык кагылат, алардын жерден бийиктиги кырк см.че келет, эки казыктын башына ушкуну туурасынан жаткырып бекем бекитилет. Ушкусу казыктын сыртына калынат.
Узундугу эки метр, жазылыгы төрт см.че келген кайышты ушкунун казыктарга бекитилген билектей жыгасына айланта эки оройт, бир киши олтуруп алып, кайыштын эки учун кармап алып ары-бери тартканда ушку ары-бери айланат, дагы бир киши ушкунун жанына

олтуруп алып уукту, керегени ушкугэ такай кармап турат. Тигил киши ушкуну айландырат, ушку кереге уукту көзөп чыгат.

10. Жасалып даяр болгон уук менен керегени жошо (кызыл чопо-топурак) менен жошолоо учун жалпак чоң өгөө менен өгөөлөп турпулөйт. Ошол өгөөну "турпу" дейт. Өгерде уук менен керегени турпулөбөсө жылмакай жыгач жошону кабыл албайт, демек жошо жыгачка жукпайт.

11. Кээ-кээде эшик ачык туруу учун жана эшикти туруп коюп,уйгө бир нерсе киргизуу учун эшикти тоголоктоп туруп барып босогонун маңдайчасына байлап кое турган эшиктин сыртында жарым метрдей боо (жип) болот. Аны "эшик боо" дейт.

12. Уйдун кереге-ууктарын тигип болгондон кийин туурдук менен узукту жаба электен мурун эшикти анын узун боосун тундуктөн айлантып келип маңдайчага байлап коет. Ошол узун боону "тастар боо" дейт.

13.Кереге жайып эки керегенин кошулуучу жерин капшырып, аны жазылыгы эки эли келген сокмо жип менен башынан аягына чейин каршы-терши кылып капшырган берин байлайт. Ошол сокмо жипти "кереге таңгыч" дейт.

14. Кереге жайылып буткөндөн кийин босоголорду коет. Эки босогонун аяктарын жер босогого кийгизет. Ал эки босогонун эки башын маңдайчага кийгизет, ошондо босого (эшик) рама формасына келет, башы илмектуу эки жиптин илмегин маңдайчанын эки башына илет да босоголорду кереге менен бириктирип бекем байлап коет. Ошол эки жипти "босого таңгыч" дейт.

15. Эшик менен керегелер байланып бекитилгенден кийин керегелердин башынан айланта жазылыгы эки эли жалпак (сокмо жип менен ар бир канат,керегенин I-2 башын чалып бек тартып туруп, ал

жиптин эки учун эки босогого байлап коет. Керегелер ошону менен бошошпой бек турат. Ошол жипти "баш чалгы" дейт.

I6. Бир узуктун боо тагуучу жерлеринде бирден алты төтөгө (чөнтөк) болот. Бир туурдуктун боо тагуучу жерлеринде бирден төрт төтөгө болот.

Инв. 635(5273)

Айткан Азаматов Хамза

Жазган Казакбаев Жанжигит. 1973-ж. I4.II.

...Арстаным сага айтам,
Аймагым бут ук!
Турумум сага айтам,
Тууганым бут ук!
Улагам сага айтам,
Уланым сен ук!
Босогом сага айтам,
Бозоюм сен ук!

КЫРГЫЗЫМ САГА АЙТАМ,
КЫЛЫМ ЖУРТ БУТ УК!

( Бабалар Рух көрөңгөсүнө чалгып...)

"Манас" - кыргыз Рухунун туу чокусу!"-деп залкар жазуучубуз академик Ч.Айтматов айткандай, чындыгында эле кыргыздын "М анасы" жалпы адамзат Рухунун чалкыган мухитине өз тамчысын кошкон Кер Өзөн!

"Манасты" 30 кылым көчмөн цивилизация ээринде өмүр кечирген жапан кыргыз жаратты. Ал эми ошол кыргыз Рухунун зор мухити саналган "Манасты" жараткан кыргыз дүйнөсү кайда жаралып, кайда өсүп тамыр жайып өрчүдү деген суроо туулусу турган кеп.

Чындыгында ошол Рух мухити - "Манасты" анын жаратуучусу саналган кыргыз урпагын да өз боорунда бөпөлөп, канат алдында калкалап 30 кылым бою өз тукумун өстүрүүгө урагыс Улуу Сепил-Калка-Чеп болуп келген нарк көрөңгөсү - кыргыз Боз Үйү эмеспи!...

Боз үй кыргыз үчүн ар кандай материалдык маданияттын башат булагы жана түп Ордосу.

Ушул Боз үйдө "Манас" жаратуучу өзү төрөлгөн.

Ушул Боз Үйдө "алдей" ыры ырдалган. Ушул Боз Үйдө арман, кошок, сармерден айтылган. Ушул боз үйдө кыл чайнашкан, душман достошкон. Ушул Боз үйдө элдик каада,салт үчүгү чубалып нарк чайкалган. Ушул боз үйдө Адеп, Тарбия айтылган. Көрсө боз үй - "Манастай кыргыз Рухунун туу чокусун!"-дагы өз коломтосунда асырап, анан эл көөдөнүнө кондуруп, журт сезимине өчпөс алтын тамга менен сүртүп чыккан окшойбуз.

Ошентип айтылуу "Манас" дастаны өзү ошол Боз Үй ичинде жаралган соң телчиге жетилип, өзү менен кошо өзүн бөпөлөп өстүргөн Боз Үйдүн да дарбаанын Ааланга таратып даңазасын ашырган турбайбы...Серп салалы.

Ж айсаң ырчы дегени,
Жалаң үйдүн порумун

Жарым куну ырдаган. (С.О. инв.№572, 554-б.)

Андан ары кыргыз Боз уйу жөнундө Рух дөөлөт керөңгөсунун сандаган турлөру шоокум салып тургани, жөө жомогунда макал-лакабында, ашыглык суйуу ырларында айтып буткус санжыра катары аздектелип келген экен. Анын баарын аныктабай эле нариктенип акыл сезиминин өрчушунө машыктырган табышмагында Боз уй кандай көркөм салыштыруу менен берилгенине да кубө болуп көрсөк.

Жапанда бир ажыдаар билесиңби?
Жаны жок кыймылдоого денесинде.
Ичинде сөөктөру бар бакча-бакча,
Жаркылдап жалгыз көзу төбөсундө.
("Кыргыз табышмагы")
Боз уй."Табышмактар". И-Ф-1985.180-б.

Бул Боз уй кыргыздын 30 кылым өмурундө жөнсалды эле баш калкалаар калканычы болуп келбестен, анын өнөр искусствосунун кайнар көз, ташыган мөл булагы болуп келгендигине улуу кытай эли да катуу сукталып таазим эткен.

Куйузунө жуну кеткен миң койдун,
Чамгарагы кайыңынан куңгөйдун.
Ары бекем, ары ыңгайлуу, ары асем,
Айыптабайм жыгачына таң койдум.
Бо-Цзюй-идин кытай акыны.
(772-816)"Боз уй"

Мисалдын өзунөн көрунуп тургандай бабабыз Манас менен кылымдар бою кыл чайнашып казат кылып келген, ошол көчмөн сурунөн куту учуп өз өлкөсун айландыра улуу сепил курдурган кытай төбөлдөру

өзү өз душманынын цивилизациясынын улуу жетишкендигине таазим кылууда.

Мунун өзү кыргыз "Манассы" кыргыз рухунун туу чокусу болуп келсе Кыргыз Боз үйү ошо - кыргыз рухунун туу чокусун нурга бөлөп, наар берип турган соолбос башат булагынын Алтын Ордосу!

...Керегем сага айтам
Келиним сен ук...
Уугум сага айтам
уулум сен ук...

ТҮНДҮГҮМ САГА АЙТАМ,ТҮГӨЛҮМ БҮТ УК!

I-макала

/ Боз үй ааламына сүртүмдөр /

Кыргыздын эле эмес, жалпы көчмөндөрдүн дүйнөсүнүн тагдырына кол тумар катары ыроолонгон БОЗ ҮЙ - ошол байыркы көчмөн кыргыз урпагы - бүгүнкү кыргыз тукумуна ааламга аты айгине таанылган АЙТМАТОВ ЧЫҢГЫЗДАЙ дархан пейил,теке жоомарт атуулду да бергенине салават!!!

Уюткулуу элибиздин салттуулуу тарыхында үй-бүлөлүк куттуу очок бөрбөрдүк орунда туруп, анын чөйрөсүндө калган бардык үрп адатыбыз аралаша жашап, жалпы түшүнүк салт санаабыз түптөлгөн.Бабалар баш калкалаган турак жайдын негизги түрү байыркы көчмөн турмушубузда жандуу колдонулуп келген боз үйдүн купуя сыры бүгүнкү күндө чындыгында көбүбүзгө табышмак. Боз үйдүн эмеректери болгон - түндүк, керегe, уук, босого таяк, үзүк, тзүк туурдук,жип-шуулары кандай ыкмада жасалып, колдонула тургандыгын кургак баяндап берүү аздык кылаар. Жалпы боз үйдүн түзүлүшү, турган туруму аларга карата элибиздин колдонгон символдук ыйык белги - ыкмалары, салт-санаасы жөнүндө баян этүү элибиздин эс-акыл,ой-чабытынын кеңдигин айгинелеп, байыркы эл катары улуттук философиялык жоболорубуз, улуттук идея деп кан какшап жатышыбыздын түйүнүн элибиздин колдонгон ар бир буюм-таймынын, улуу сөз булактарынан изилдеп чечүүгө түртүп олтурат.

Илимий иликтөөлөрдүн алкагында боз үйдүн пайда болуу

тарыхы биздин доорго чейинки бешинчи, жетинчи кылымдарга туура келип, кучмун турк элдеринин турак-жайы катары белгилуу болгон Адамзат тарыхынын таңында жаралган дуйнө тушунугубуз философиялык жоболордогу калыптанган карама-каршылыктар: оң-сол, асман-жер, ак-кара сыяктуу тушунуктөрдун маңызынан оозануу менен белгилуу деңгээлде улуттук философиянын, улуттук таалим тарбиянын өзөгунө суңгуп кирген болобуз. Бул бутундөй боз уйдун табиятына, элибиздин жашоо-тиричилигине багыщталган тушунуктөр. Боз уйду тигуу эрежеси боюнча куңгөй-тескей жактарга карата аныкталып келген. Кийинчерээк бул эреже турк элдеринде ар кыл колдонулуп журөт. Байыркы турк элдеринин салтында бет маңдай тарап - чыгыш тарап болгон. Байыркы кыргыздардын тушунугунде да чыгыш бет маңдай жак, ошол учурдагы коргон,балбал таштардын жузу чыгыш тарапка карай курулгандыгы да белгилуу. Дагы бир белгилей кетуучу кызыктуу сыры кундун чыгышынан батышына чейинки убакыт өлчөмун аныктоо боз уйдун тундугунөн тушкөн кундун нуру аркылуу уй ээси убакытты аныктай алган. Босого жак чыгыш тарапка багытталып, анын карама-каршы жагы батыш тарап, боз уйдун төр жагы атайы улуу кишилер, сыйлуу коноктор учун бөлунуп, уйдун куту болгон баалуу буюмдар төрдөгу сандыкка сакталып, анын устунө жук жыйылган. Төрдөн орун алып, батыш тарапка далыбызды салып, чыгыш тарапка бетме-бет карап, боз уйдун оң-сол канатын аныктайбыз. Азыр жердин шартына жараша бул эреже так сакталбай өз ылайыгына жараша тигилип журөт. Боз уйдун оң канаты , тескей тарабы эр кишиге тиешелуу болгон : ээр токум,камчы,мергенчилик курал жабдык орун алган. Ал эми сол канаты - куңгөй тарабы-аял кишиге тиешелуу болуп: чыгдан, аяк кап ж.б. аял кишинин буюм тайымдары ушул тараптан орун алган.

Боз уйдун босогосун аттап киргенден баштап эле алгач карама

каршылыктуу белгилерге туш болобуз, аял-эркек, төр-улага,чыгыш-батыш, оң-сол. Дагы бир эске сала кетуучю нерсе өлум-житим учурунда адамдын сөөгу да оң-сол канат, аял-эркек боюнча аныкталып, аялдын сөөгу сол тарабында, эркектин өөгу оң тарабында жайгаштырылат. Эреже катары өзунө тиешелуу тарабынан орун берилет. Адамзат тарыхында оттун пайда болушу менен катар ар бир уйдун ыйык белгиси, куттуу очогу болгон. Очок коломто уйдун борбору. Эзелтеден туптөлуп, элдин эс акылына кыттай уюган боз уйдун ички тартиби, өз эрежеси бар. Бул эрежелерди сыйлабагандык адам тарбиясынын тайкылыгын билдирип, бактысыздык, жаман кабардын жарчысы катары кабыл алынган. Элибиз отко аяр мамиле кылып ыйык туткан. Очокко ыплас таштандыларды салууга, суу чачууга, очоктон аттап өтуугө, учтуу шиш менен отту козөөгө, уйдө ышкырууга, босогодо туруугa тыюу салынган, анткени бул жаман адаттар куттуу очоктун ырыскысын качырып, уй-булөгө жамандык алып келуучу жин шайтандарды уйгө уйур кылган белгидей туюнтулган.

Очоктун жанынан тик уйдө катар тундуктун айлана жыгачына такалган бакан тирелип турат. Бул бакан жөн гана тундуккө тирөөч, туркук катары колдонулбастан ыйык белги-символ катары улуу муун менен урпактарды, мезгилди байланыштырып турган өзгөчө ыйык туркук. Кош бойлуу аялдар төрөөрдө эки колу менен бака̄нга таянып, толгоосун жеңилдетишкен. Киши көз жумганда бакандан көтөрмө жасап, сөөкту көрустөнгө көтөруп жеткиришкен. Сөөк өз жайына тушкөндөн кийин, көрустөндөн кайтып келген көзу өткөн кишинин жакын туугандары очок башынан жоктоп, өкуруп аза кутушкөн. Очок башындагы бакан ,өмур-өлум, ата-баба-урпак,бешик-табып сыяктуу дуйнөнун ак-каралуу жагын өзунө сиңирген өзгөчө философиялуу ыйык белги экендигине ынанабыз.

Боз уйгө жакындап келе жаткан чоочун кишиге уй ээси утурлай

тосуп чыгып,салам айтып, атынан жөлөп түшүрүп, үйгө кирүүсүн өтүнөт! Боз үйдүн босогосу да бул жерден ыйык белгиге кылымдар карыткар салт түшүнүккө ширелген. "Эшигин көрүп төрүнө өт" деген элде нускалуу сөз бар. Баардыгы босогодон башталат, өмүр босогосунан өмүр төрүнө чейинки аралык адамдын калыптануу, өсүп-өнүгүү жолу. Босогодон аттанганда чалынбай тик аттап, өзүнүн жай иш менен дос катары келгенин билгизүү керек. "Босогодон чалынган төргө жетпейт" дейт элибизде. Байыртадан хан ордосунда босогодон жаңылган жан өз жанын кунга тарткан. Боз үйгө кирээрде босогого курал жабдыгын, камчысын ээрдин кашына сайып, андан соң босого аттаган, кокус камчысын колго илген бойдон кирсе үй ээси мындай адамдарга душман катары мамиледе болуп, жайынча келбеген чыр-чатактын белгисиндей түюнган. Бул көрүнүштөн өз-жат,дос-душман деген түшүнүк белгилери аныкталган.

Боз үй, үй-бүлө очок башында түптөлгөн элибиздин байыркы мурасы, салт-санаа, урп-адат, эреже жоболору бүтүндөй муундан - муунга өтүп, биринчи муун бул ыйык жоболорду очок башынан экинчи муунга өткөрүп берип, элдин санаасында калыптанган салттуу дүйнө таануу маданияты боз үй аркылуу чагылдырылып көрсөтүлгөн. Боз үйдүн ар бир эмерегинде катылган сырлуу белгилерге токтолуп, элибиз буларды жөн эле ой-санаасыз жасап, эптеп баш калкалаган жай катары эсептесек,калыптанган эски түшүнүгүбүз боюнча бир беткейликке берилсек, анда кийинки урпактар үчүн биздин барк-маңызыбыз төмөндөп, техникалык үчкүл доор, мезгил биздин басмырлап дүмүктүрган болоор эле. Тескерисинче боз үй эмеректериндеги философиялуу элдик улуу түшүнүктөр, адамзат коомундагы архитектуранын алгачкы улуу үлгүсү катары сыймыктанууга толук акыбыз бар.

Тээ бийыркы Египет пирамидалары, Арабстан, Индостандагы дүйнө

гө белгилүү мечит хан сарайларына катарлаш философиялуу көчмөн рух бүтүндөй сырын камтыган кереметтүү боз үй, архитектуранын жеткен чеги, өзгөчө көчмөн рухтун, цивилизациянын алгачкы түйүлдүгү, эң жөнөкөй чындыктын өзү көчүп жүрүүгө ылайыкташтырылган ыйык турак жай.

Боз үйдүн бүгүнкү көк мелжиген катар үйлөргө чейинки улуу тарых аралыгында адамзат эмнеге ээ болду, эмнени жоготту? Боз үй очогундагы тарбия, адеп-ахлак эрежелеринен бийик катарлуу заңкайган үйлөрдүн очогунан орун алган бүгүнкү күндүн тарбиясын карап келип, биз ар кыл ыйык тутунган белгилерден кол жууп, майдаланып, атомдук өнүгүү доорунда рухубуздун добушу улам басаңдап бара жатканын баамдайбыз.

Улуттук маданиятыбыздын жоголушу менен табият, адам ортосундагы байланыш, ыйман, коомдун бүтүндөй гармониялуу биримдиги бошоңдоп барууда. Боз үйдүн эмеректери жөнүндө элдин мындай деп айтылат: "Босогом сага айтам, бозоюм сен ук" босого таяктын башы бош ал керегеге бекийт, босого аркылуу башы бош бойдокторго карата атанын насаат, куска кеби "Керегем сага айтам, келиним сен ук" мында кереге аял кишинин белгиси катары туюнтулат. Үй ээсинин аялына карай айткан насаат кеби бүтүндөй кыз-келиндерине тиешелүү каймана кыйытылып айткан акылы. Эл оозунда коноктолгон керегеге байланыштуу мындай табышмак сөз бар. "Жетимиш кемпир жер тиштейт" - бул керегенин аял затынын белгиси катары туюнткан далили.

"Уугум сага айтас, уулум сен ук" - уулга карата атанын насаат уук - уулдун белгиси, уул энеден төрөлүп, атанын атын,даңкын чыгарат Элде "уугуна карап бөлгүлө" деген насаат бар. Тапкан байлыктын улушун үй-бүлөсүнүн санына карап бөлүштүрүү деген түшүнүк белги. Эл оозунда "Кыркырак акем өлөм дейт, кырк уулу кырк жагынан жөлөйм"

дейт" деген табышмак да боз үйге байланыштуу түшүнүк белги, атанын атын чыгарган атага жөлөк болгон уул, ууктар жөнүндөгү акыл кеп. "Түндүгүм сага айтам, түгөлүм бүт ук" – жалпы калкка кайрылуу. Ааламдын белгиси катары да түшүндүрүлөт, асман айланасы тегерек түбөлүктүүлүктүн белгиси. Эл оозунда айтылып жүргөн "түндүк көтөрүү" эр бүлөнүн түтүн булатып, эл катарына кошулушу, эр кишинин белгиси катары да түшүндүрүлөт. Бул түшүнүк белгиге карама-каршы айтылган "түндүгүң түшкүр" деген каргыш кеп "түндүгүңдү түз кылып иem" деген сөз да эр бүлөгө тиешелүү, ага карата жамандык тилөө, үй-бүлөнүн белги түшүнүктөрү ширелген. Түндүк астрономиялык мейкиндик убакыт белгиси. Айлана көлөмүндө ийилген тегерек түндүктүн үстүңкү бетинде асман келбетиндей ийилген жумуру жукартылган үч жыгач түндүктүн бул башынан тиги башына бекитилет жана үч жыгач түндүктүн бул башынан тиги башына ошондой эле ыкмада бекитилип, геометриялык айкашкан алты жыгач сызыкты түзөт. 3I-сүрөттү караңыз/. Түндүктүн үстүндөгү үч катарлаш келген жыгач өткөн чак, учур чак, келечектин белгисин горизонталдуу чагылдырса, дагы үч катарлаш келген жыгач тиги үч жыгачка айкашып өтүп, бул дүйнө, а дүйнө, оо дүйнө деген түшүнүк белгиде ааламдын вертикалдуу түзүлүш маңызын чагылдырат. Түндүктүн үстүңкү бетинде айкашып өтүп жаткан үч-үчтөн алты жыгачтын кесилишип өткөн жеринде төрт бурчтук түрүндө төрт көзөнөкчө, төрт мезгил, ар бир мезгилдин үчтөн айы бар./2-сүрөттү караңыз/. Төрт көзөнөкчөнүн өз тушунда айкашкан жыгачтар аркылуу түзүлгөн үч бөлүкчөнү санап кошуп келгенде он эки бөлүкчөнү түзөт, бул бир жылдын он эки айы. Ал аааламдын жалпы мезгилин, күн системасынын мыйзамы катылган түндүгүбүз, анын эки жагына барабар теңме-тең жел боо байлап, казыкка бириктирилип, боз үйдүн так ортосуна бириктирилет. Бул асман менен жердин ажырагыс биримдигин,асмансыз жер, жерсиз асман жетим экендигин айгинелеген символдук

ыйык белги.

Ааламдын төрт тарабы сыяктуу эле тундуктун төрт тарабы бар "Төгөректун төрт бурчу","төрт тарабың кыбыла" деген эл оозундагы сөздөр ааламдын тузулушун аныктаган өзгөчө ыйык белгилер. Төрт тараптын өзунун тутунган колдоочусу бар. Мисаты: батыш - ак жолборс, чыгыш - ак жылан, туштук - ак кочкор, тундук - кара черуу, булар ааламга көз салып өз бийлигин жургузуп турушат.

Адамзат аалам бетинде төрт тусте төгөректун төрт бурчунда өмур кечиришет. Тус өң боюнча көчмөн турк элдеринде мындай бөлуштуруу белгилуу. Чыгыш - көк /жашыл/, батыш - кызыл /сары/, тескей - ак, куңгөй-кара, турк элдериндеги тустөр бөтөнчө тушунук белгиге сугарылган. Мисалы кыргыз элиндеги уруулар кара-багыш,сары багыш, сары тейит сыяктуу уруу аймактык бөлунуулөр төгөректун төрт бурчу боюнча тустөрунө жараша жайлап, отурукташып көчуп келишкен. Боз уйдун тундугунө тундук жабуу тартылат. Тундук жабууну таң эртең менен ичке кыл аркандын жардамы менен артка серпип тартып коюшкан. Кун көтөрулуп кеткиче тартылбай калса муну уят деп тушунушкөн. Жаңы турмуш куруп уйлөнгөн эрдин боз уйунун тундук жабуусу таң эртең менен тартылбай калса, кыз өз абийири менен келбегени элге айгине болгон. Ушундан улам "эриш бузуу" деген тушунук белгиден абийирсиз кыз бул дуйнөгө энеден туума жылаңач жаралып келген болсо элдеги "керегенин көзунөн өткөруу" деген тушунук белгидей ал кызды төркунунө керегенин көзунөн өткөруп келген жагына уяткарып узатуу салты сакталган. Демек, "керегенин көзунөн өткөруу" тарбиялык белгинин боз уй аркылуу чагылдырылып көрсөтулушу. Көчмөн рухтун борбору болгон боз уй, уй-булөлук очок, муундардын байланышы, эң алгачкы турмуштук алака азыркы маанисинде да уйдун куттуу очогунда орун алып, анын айланасында жашоо тиричиликтин калган сырдуу дуйнөсу курчап турат.

"Манас" эпосундагы материалдык маданият жөнүндө сөз кылганыб
да эң алды боз үй өзүнүн тарыхый бай өмүр саамасы менен бүгүнкү
биздин күнгө чейин узак жолду басып келгендигин баса көрсөтүү зарылдыгы туулат. Адам баласынын тарыхындагы эң узак өмүр кечирген коомдук-экономикалык формацияны көчмөн элдер өз баштарынан өткөрд
Албетте, көчмөн доордун башка коомдук формациялардан узак өмүр сүрүшү көчмөндөрдүн күндөлүк турмуш тиричилигинен тартып, рухий бийиктикке өсүп өнүгүүсүн шарттаган. Адамзат тарыхында накта материалдык жагдай, турмуштук шарт,мүмкүнчүлүктөргө карай ар бири өз тарыхын жаратат.

"Ф.Энгельс подчеркивая большое значение материальной культу ры в жизни человека, писал что одной из крупных заслуг К.Маркса, было раскрытие им той простой истины что люди первую очередь должны есть, пить, иметь жилище и одеваться, прежде чем быть в состоянии заниматься политикой, наукой,искусством,религией и т.д."(К.Ма и Ф.Энгельс. Избранное произведение. т.II. М.,1948, С.157).
Жогорудагы адам баласынын тиричилигинин эң жөнөкөй аныктамасы катары тамак-аш,кийим-кечек,үй-коломто көчмөндөрдүн улуу белеги болгон Боз үйгө байланыштырылган түшүнүк экендиги талашсыз. "Манас" эпосун изилдеп үйрөнүүдө анын тарыхый, эпикалык, образдар системасы, коомдук саясий түзүлүшү деген эле комплекстүү караганыбызда али да дың боюнча турган ушул эпостун материалдык маданий багыты экендигине ынанабыз. "Манас" эпосундагы материалдык маданияттын эң байыр кы үлгүсү Боз үй изилдөөнүн атайы обьектиси катары каралып жаткандыгына байланыштуу эң алды материалдык маданият жөнүндөгү андагы боз үй темасын изилдөө алкагына камтыган илимий теориялык,тарыхый, этнографиялык багытта изилденген атайы эмгектерге токтоло кетсек. Мында эпос менен боз үйдүн байланышы, андагы элдик салт, ырым-жырым

дар, боз үйдүн эпостогу орду жөнүндө эч кандай сөз болбостон тек гана таза тарыхый-этнографиялык маанайдагы эмгектер көп кездешет. Мисалы: А.Акматалиев "Боз үй" Ф.,"Кыргызстан",1982; А.Акматалиев "Көркөм кол өнөрчүлүк",Ф.,1984;"Культуры и быт колхозников кыргызских селений Дархан и Чычкан" -М,1958; Абрамзон С.М. "Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи",Л.,1971; Антипина К.И. Особенности домашних производств и материальной культуры южных киргизов. Инв.№5043.Ф,1961;("Материальная культуры киргизов XIX века" собрал Айтбаев инв.№4063 К.Ф.), Маковский П. "Юрта - летнее жилище киргизов". Зап. Сибир.отд. РГО в XX. 1893., Маргулан А.Х. Казахская юрта и ее убранноство. М.,1964., Муканов С. Калк мурасы. К. Казахстан,1974, Сейдимбаев А. "Күңгүр-күңгүр күмбөздөр". Алматы, "Жалын",1981,"Жилище народов Средней Азии и Казахстана".М.,1982; Муканов М.С. Казахская юрта. Алма-Ата. 1981, Жанибеков У. Эхо... Алма-Ата "Өнөр",1990., Кыргызстандын эстеликтери. Ф.,"Кыргызстан", 1982, Жуковская Н.Л. Судьба кочевой культуры". М.,"Наука",1990; Майдар Д.Пюрвеев Д.Б. От кочевой до мобильной архитектуры. М., 1980.

Ар бир коомдун өсүп-өнүгүшүнө карата ал мезгилдин өз материалдык маданияты жаралат же ошол материалдые маданияттын үлгүлөрү аркылуу адам баласынын жашаган коомунун мүнөзүн аныктаса болот. Бизге белгилүү адамзат коомунун тарыхында бири-бирин алмаштырган коомдук-экономикалык формациялар: 1. алгачкы общиналык коом, 2. кул ээлөөчүлүк коом. 3. феодалдык коом. 4. капиталисттик коом, 5. 5. Коммунисттик коом.

Булар өз шарттарына карай өсүп-өнүгүүнүн ар кандай форма,баскычтарын баса өтүштү. Алгачкы общиналык коомдун тарыхый жолунда адам бала-

сынын жеке калыптануусунан,коомдук чарбалык, ошону менен бирге материалдык, рухий маданиятынын калыптануусун көрөбүз. Мында биз адам баласынын жашаган доорунун мүнөз,шартына,географиялык ыңгайына жараша материалдык маданияттын тарыхый өсүш баскычтарын изилдеп үйрөнгөнүбүздө гана өз максатыбызга багыт алган болобуз. Илимий, тарыхый булактарга таянсак болжол менен 2 миллион жылдан ашуун адам коомунун өнүгүшүндө адамзат тарыхы 3 доорго - таш,коло, темир дооруна бөлүнүп изилденип келген. Адамзат алгачкы общиналык коомдо топ-топ, коллективдүү үйүрлөрдө жашоо менен өздөрүнө таандык материалдык үлгүлөрүн жаратышкан. Андан соң уруучулдук коомдук жакка багыт алышкан. Алгачкы общиналык коомдун мүнөзүн илимпоз-окумуштуулар төмөндөгүдөй аныкташат: "Всю эпоху родовой общины как один этап в развитии первобытного общества, выделяя внутри него два подэтапа: ранней родовой общины охотников и рыболовов и развитой родовой общины земледельцев и скотоводов" (История первобытного общества. М.,ВШ,I974, С.8)

Ошондой эле алгачкы общиналык коомдогу адам баласынын жашоо мүнөзүнө Демокрит (470-380 гг. до н.э.) мындайча баа берет:"Что первые люди на земле "вели жизнь грубую и звериную, выходя на пастбище и кочуя, они питались обильнейщими естественными кормами земли и случайными плодами деревьев". Он подчеркивал, что "борьба за существование научила людей всему" (аталган китеп II бет).

Бул айтылган түшүнүктөн улам адам баласы өзүнүн жапайы табиятынан өнүгүп отуруп, өз муктаждыктарынан отту, кийим-кечек жана баш калкалар үйүн ойлоп тапкандыгынан, коомдун өнүгүү баскычтарын үйрөнүп билүүгө жардамы тийээри бышык. Илимий көз караштардын улам калыптанышы, тарыхый салыштырма методдун жаралышы менен адамзат коомунун өнүгүшүн, материалдык маданияттын үлгүлөрүн, ар кандай салт-жөрөл-

гөлөрду жалпы мыйзамдуу тарыхый схемада караганыбыз жөндуу болор. Албетте, адамзат коому ар дайым өсуп өнугуудө болуп тураары шексиз. Андыктан адамдын жашоо шартына карай алардын колдонуп келген буюм-тайымдарынан тартып аң-сезимдериндеги өнугуу коомдун өнугуу багытын аныктаган. Буга далил шотландиялык философ А.Фергюсон адам баласынын турмуш шартынын өсуп өнугушунө карата тарыхты уч топко бөлуп көрсөткөн:

I.жапайычылык. 2.варвардык. 3.цивилизациялык.

Мындай көз караштар менен ошол тарыхый салыштырма методго катар архаи калык, этнографиялык такталган булактар аркылуу адамзат коомунун маданий-тарыхый этабын аныктаган көз караштар да жаралган. Швед окумуштуусу Свен Кильсон (I838-I843) адамзат тарыхынын өнугуусун 4 стадияга бөлуштургөн:

I. жапайычылык. 2.Номадизм(көчмөн,мал чарбачылык). 3.дыйканчылык. 4. Цивилизациялык (Аталган китеп, I6-бет).

Жогорудагы көз караштан айырмаланып австриялык Юлиус Линнерт (I839-I909) өзунун:"История культуры (I886-I887) аттуу китебинде төмөнкудөй оюн билдирген."История культуры - есть история того труда, который поднял человечество из надменного и бедственного состояния на занимаемую им теперь высоту" (аталган китеп I9-бет). Айтылган көз караштарда адам эмгеги жана материалдык маданият адам жашоосунун сарамжалы менен катар турмуштук шарттын колдоо обьектиси экендиги ачык байкалат.

Адамзат коомунун жаралышы менен материалдык маданияттын алгачкы улгулөрунун жаралышы, пайда болуусундагы тарыхый булактардын тарамы албетте ар кыл. Материалдык маданияттын пайда болуу тарыхы эң алгач "жазуусу" жок доордон тарта буюм-тайым булактарына чейин

Тактап айтканда бизге жеткен археологиялык эстеликтердин мааниси өтө зор. Буюм-тайым булактары эмгек шаймандары,байыркы курулуштары, ар кыл зергер буюмдар, идиш аяктардын түрлөрү өз доорунда жаралган материалдык маданияттын үлгүлөрү. Ошондуктан байыркы бабалардын колдонуп келген баалуу материалдык байлыктары аркылуу тарыхтын катмарын тереңдеп изилдеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк шарт түзүлөрү айныксыз чындык. "Зная условия существования общества, можно представить себе, какая материальная культура соответствовала этому обществу, и наоборот, по материальной культуре можно восстановить основные черты соцтально-экономического строя, а иногда и историю создавшего эту материальную культуры общества". (Аталган китепте, 3I-бет)_

Археологиялык тарыхий булактарга жеке эле буюм тайымдар кирбестен байыркы отурукташкан чөлкөмдөр, адамдар жашаган үйлөр, көрүстөн, коргон, үңкүрлөр да кирет. Биздин изилдөө обьектибиздин борбору болгон "боз үй" же үйдүн эволюциялык өнүгүүсү аркылуу үй-бүлөсүнүн эволюциялык өнүгүшүн же коомдун өнүгүшүн аныктоо сыяктуу уйур тобу менен жашаган үйлөрдөн жеке үй-бүлөлүк, же көчүп конгон үйлөрдөн "отурукташкан" туруктуу үйлөргө чейинки өнүгүү процессти аныктаса болотт Дагы бир тарыхий булактардын баалуу тарамы болгон этнография илими дүйнө элдеринин урууларынын, улуттардын маданий турмуш тиричилигинин өзгөчөлүгүн, коомдук түзүлүштүн ар кыл баскычтарын окуп үйрөнүүгө өбөлгө түзөт. Бабалардын өткөн өмүрнаамасындагы каада-салт, жөрөлгөлөрү, төрөлүү, өлүм-житимдеги, үйлөнүү үлпөттөрүндөгү,кийим-кече жана үйлөрдүн түзүлүш жасалгаларына чейинки сакталган баалуулуктар бизге соолгус булагы катары кызмат өтөмөк.

Этнограф илимпоздордун көңүлүнүн борборундагы эң маанилүү

маселе, дүйнө элдеринин турмуш-тиричилик маданиятынын ар түрдүү бөтөнчөлүктөрүн аңдап-салыштыруу,окуп үйрөнүү экендиги баарыбызга маалым.

Этнография илими аныктаган дүйнө элдерин турак жайларынын ар кыл түрлөрү, алардын географиялык климаттык шарттарына жараша жасалышы да өзүнчө кызыгууну жаратат. Ушул жагдайда дүйнө элдеринин турак жайларынын ар кыл өзгөчөлүктөрүн мисалга тарта кетсек."Эскимосские иглу - жилища из снега. Эскимосу , видимо, открыли самостоятельно, как можно сооружать в жилище свод - гордость древних цивилизаций Восточного Средизесноморья. Снежные плиты укладывают друг на друга так,что каждая верхняя выступает над нижней- пока не получается купол-полушарие. В иглу вносят каменную лампу, в которой горит тюлений жир. В будущем она послужит сразу источником и тепла, и света для обитателей снежного дома".
(Глазами этнографов.М.,"Наука,1982,С.4).
Ошондой эле:"Что древние жители Сибири возводили жилища и из мамонтовых бивней, и из китовых ребер,обтягивая их шкурами". Плавучая жилища (например, у не которых народов Юго-Востояной Азии), переноска жилища - юрта,чумы,тапи (у кочевников Средней Азии, народов Севера, индейцев прерий), дома-башни (у народов Кавказа, у части арабов,некоторых народов Афганистана). (Аталган эмгек, 5-бет).
Жогоруда бул адамзат коомунун өнүгүшүндөгү материалдык маданияттын үлгүлөрүн таанып билүүдө тарыхый булактардын тактап айтканда археологиялык, этнографиялык багытынан учкай көз салдык. Эми тарыхый булактардын адам баласынын турмушундагы эң маанилүү багыты лингвистикалык тилдик булактар да, материалдык маданияттын үлгүлөрүн окуя үйрөнүүдө эң маанилүү орунда экендиги шексиз. Ошол адам баласынын алгачкы жашоосундагы жөрөлгө, ырым-жырым,салт ар [redacted]

бир элик оозеки айтымдарында,фольклорунда, жомок, ыр, табышмак, макал-ылакаптарында муундан-муунга өтүп, оозеки жана жазма булактарда сакталып келүүдө. Адам турмушундагы так-жайга, кийим-кече, буюм-тайым,идиш-аяк,зергер буюмдардын аталыштары, б.а. түрк тилдүү элдердин лексикасында материалдык маданияттын бардык үлгүлөрүнүн аталыштарынын бай сөздүгү кездешет. Мисал,а "Манас" эпосундагы боз үй түшүнүгүнө байланышкан "журт" сөзү эпосто абдан көп учурайт .М:

Кымбатым, журтум,тилимди ал,
Силерден сурайм угуп ал!
Ак сакалдуу карың ук,
Кырк уйлуу кыргыз, баарың ук!
(С.К. Б.,"Кыргызстан",1995,117-б.)

же болбосо:

Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,
Кырк уйлуу кыргыз журт үчүн
Курман болуп кетейин.
(С.К."Кыргызстан",Б.,1995,256-б.)

"Журт" сөзү "юрта" - боз үй түшүнүгүн билдирген термин. Андыктан ошол "журттук" орусча "юрта" аталышын анализдеп көрөлү. "Слово "юрта" происходит от "джурт" что в переводе означает место,где живет семья и населения. При встрече алтайцы спрашивают "Дьуртын кайда"(букв. ~~смысле~~ где твое место жительство). Поэтому слово "юрта" не означает названия жилище, но в отнографической литературе оно приобрело именно это мысл. Для обозначения жилища у алтайцев есть другое слово,которое точно отражает это понятие - айл". Они например говорят "Айлга кир" (Войди в дом)

(Тошякова Е.М. Традиционные юрты народной культуры Алтайцев.(XIX-нач. XXв.) Новосибирск, I978г. I8I-б.).

Ал эми "журт" сөзү байыркы түрк сөзүндө "дом,владение, место жительство, земля, страна" деген түшүнүктү берет. (древнетюркский словарь.Л.,I969,282-б.). Андан ары "журт сөзүнө байланышкан көз караштарды мисалга тарта берсек:

I. "Термин юрт в значении "место для ночевок" в Средней Азии и Иране широко пользуется начиная с XIIIв. Ссм:МИТТ,т.I, С.463, прим.

2. В данном случае он употреблен в значении "стране", Литературу о слове юрт см.: И.Н.Березин. Рашид-Эддин, стр.247,прим.II9-

Слово юрт. ( ), по всей вероятности, восходит к глаголу

,"ходить","идти";

таким образом могло первоначально значить "хождение", "кочевание",место для кочевания".

Слово "кибитка","юрта","дом" следовало бф транскрибирования виде ав ; в современном узбекском произношении это слово звучат , туркмены это произносят , что в арабском графике писалось в виде "хозяин","отец семейства","семейный","женатый", одно "семейство", составляющее дом, кибитку,тягло"(Л.Будагов. Ср.Словарь.Т.I. стр.I63). Е.Д.Поливанов (К.этимологии слова у , ө ,"дом","юрта", стр.86) на основании звукового совпадения "дом с китайским (-ныне ) "город" считает возможным предложить,что это слово заимствовано у китайцев.

- Историческая фонетика тюркских языков подсказывает другой возможный путь происхождения этого слова:

су "вода".Корень "оба"ов следует сопоставлять с таковым в слове

оба "юрта","семья","кочевье" (В.В.Радлов.Словарь.Т.I.с таб.II57)), которое в свою очередь, возможно,связано словом (см.прим.II0) Этнографическое списание туркменской кибитки см.: П.Иванов. - кибитка. Туркменоведение,I930,№8-9, стр.47-50.

Жогорудагы келтирилген мисалдардагы "журт" сөзүнөн сырткары байыркы байлардын өткөндөгү материалдык маданиятынын тарыхындагы ар кыл предметтердин эмурнамасин изилдөөгө жардамы тиймек. Азыркы тилдердин тарыхын изилдөө менен тарыхы тамырлаш элдердин тили, тарыхы жаралуу доорун тактоо, ал элдердин колдонгон материалдык маданиятынын үлгүлөрүнүн тарыхын салыштырып кароо, өзүбүздүн илимий изилдөөбүздүн түпкү максатына жетүүгө түрткү бермекчи.

Боз үйдүн эмеректеринин аталыштары, ал сөздөрдүн тарыхый маанисин, ага байланыштуу ыр, макал-ылакап,табышмактарды, оозеки чыгармачылыктын океаны болгон "Манас" эпосундагы кенири кездешкен "боз үй" түшүнүгүнө байланышкан жалпы эле материалдык маданият үлгүлөрү аркылуу элдик философиялык, педагогикалык, салттык ыйык жөрөлгөлөрүнө чейинки көз караштарды камтып, улам тереңдетип ачып чыгуу биздин алдыдагы эң орчундуу максаттардын бири экендигин баса көрсөтүүгө тийишпиз. Эпостогу же жалпы эле материалдык маданияттын предметин изилдөөдө тарыхый булактардын комплекстүү бири-бирине жардамга келүүсү изилденип жаткан обьектинин толук мүнөзүн ачууга шарт түзөт.Байыркы доордун туундусу болгон "Боз үй" түшүнүгүн ошол тарыхый булак таануунун бирдиктүү тарыхый, археологиялык, этнографиялык жана лингвистикалык, тилдик жазма булактары аркылуу гана изилденгенде өз өтөөсүнө чыга алмак.

Жогоруда биз сөз кылып жаткан адамзат тарыхынын баскычтары жапайычылык,варварлык,цивилизациялык, же болбосо алгачкы общиналык коомдун этаптары:I.уруучулдук. коомдун жаралышы менен мерген-

чилик, аң уулоо; 2. өнуккөө уруучулдук коом, көчмөн мал чарба жана дыйканчылыктын өнүгүшүн камтыган тарыхый доордогу адам баласынын жашоо-тиричилигиндеги "үй","баш калкалоо" түшүнүктөрүндөгү эволюциялык өнүгүү жолдорундагы этаптык бөлүнүштөрүн чечмелей кетсек. Адам баласынын тарыхындагы илимий түрдө аныкталган 3 этабын тактап айтканда жапайылык (таш доору) варварлык жана цивилизациялык этаптарын "баш калкалоо","үй" түшүнүгү менен ачык аныктап алсак. Анда: I. жапайычылыкка - таш үңкүр, таш кобулдары, сөөктөрдөн жасалып, айбанаттардын терилеринен жабылган үйлөрдүн формалары.
2. варварлык этапты - боз үй, алачык, үйлөрдүн дагы башка өнүккөн формалары.
3. цивилизациялык - үйлөрдүн жаңы өнүккөн түрлөрү жана көп катмарлуу үйлөрдүн өнүгүү процесси.
Биздин ушул үч тактлган этап аркылуу "үй" түшүнүгүн анализдеп ачып берүүгө жол ачмакчы. Аталган алгачкы тапта адам баласы үңкүрлөрдө табигый өмүр кечиришкени менен жасалма үйлөрдүн пайда болуусу да өнүгө баштаган. Үйлөрдүн өнүгүү этаптары адамдардын өндүрүштүк мамилелери менен географиялык климаттык өзгөчөлүктөрү да зор мааниге ээ болгон.

"В позднем палеолите широко представлен жилища с каркасом из костей животных. Жилище,вскрытое не поселении  Костенки имело 35 м. в длину и I6 м. в ширину; но это  центральной оси было расположено 9 очагов. К концу эпохи позднего полеолита наряду с обогревавшими и освещавшими жилище очагами, по-видимому,появляются и специальные осветительные приборы,подобные употребляемым эскимосами,чукчами и коряками: это лампы из камня, в выдалбленном углеблении которого помещается жир и фитиль" (история первобытного общества.М.,ВШ,I974,73-74-бб.).

Бул далилденген үйлөрдүн ар кыл түрлөрүндө адам баласы көп миң-деген жылдар бою баш калкалап, муундан муунга өткөрүп келишкен. Мында адамзат тарыхынын экинчи этабына же көчмөн мал чарбачылык, дыйканчылыктын өнүгүү этабына чейин үйлөрдүн бул формалары жашап келди. Коомдук өнүгүүнүн экинчи этабына эмгек куралдарынын жаңы баскычы менен бирге адам баласынын жашоо тиричилигиндеги баш калка-лоонун, үйлөрдүн жаңы үлгүлөрү жаралды. Мында мурунку этаптагы ту-руктуу, бир орундагы үйлөрдөн айырмаланып көчүп жүрүүгө ыңгайлаш-кан үйлөр пайда болду. Байыркы көчмөн мал чарбачылыгы өнүккөн эл-дердин баш калкалап турагы болгон "боз үй" адам баласынын тиричи-лигиндеги экинчи доордун келиши менен тарых бетиндеги өз өмүрүн баш-тады. Баш калкалоонун ушул формасы менен катар таш үйлөр, кирпич үйлөрдүн жаңы түрлөрүнүн өнүгүшүн айта кетсек болот. "В это время и в начале 3 тысячелетия жители Двуречья уже строят из кирпича - сыр-ца не только жилища, но и большие общественные здания и храмы,на-чинается сооружение оросительных систем, появляется гончарный круг и колесный транспорт. Вообще, в позднем энеолите закладываются ос-новы будущей шумерской цивилизации".(История первобытного общества. М.,ВШ,1974,129-бет).

Күчмүн мал чарбачылык - өндүрүштүн эркин, ыңгайлуу түрү. Мында жайыт,чөп,суунун ыңгайына жараша төрт түлүк малды өстүрүүгө негизделет. Ушул жагдайда көчмөндөрдүн материалдык маданияты, турмуш-тиричилиги, тамак-ашы жөнүндө байыркы жазмаларда, Геродот, Страбон өздөрүнүн эмгектеринде белгилеген. "Среди всех известных нам народов только скифи обладают одним, но зато самым важным для человеческий жизни искусством. Ведь у скифов нет ни городов, ни укре-лений, и свои жилища они возят с собой". (Геродот.История.Л.,1972, 198-199-бб.).

Бул айтылган ойдон улам "Манас" эпосундагы кечмен турмуштун мунезун чагылдырган "боз уйге" байланышкан тушунукту мисалга тарта кетсек:

Кечкен болсо буктеген
Келуктерге жуктеген.
(С.О.3-к. Ф.,"Кыргызстан",1981,102-б.).

же:

Жук артканы баарысы
Коңгуроолу кара нар,
Кол менен кечу барабар,
Боз уйлуу кыргыз тукумун
Кылган ишин караңар.
(С.О. 3-к. Ф.,"Кыргызстан",1981, 79-б.)

Кечмен турмуштун негизги "атрибуттары" терт тулук малга байланышкан мисалга жылкынын турмуштагы орду, кечменчулуктун мунезун жылкысыз элестете албаган сыяктуу, кечмендердун тамак-ашы: кымыз, эт, кийими: тери, жунсуз элестетуу мумкун эмес сыяктуу. Тарыхый жана илимий булактарда айтылып келген кыргыз жана кечмен башка тектеш элдердин ата-бабалары деп эсептелген хуннндар, усундар, сак, канды, кыпчак уруу-тайпалары женундегу тарыхый маалыматтар арбын учурайт:"Хунны обыкновенно питаются мясом скота, пьют его молоко,одеваются его кожами, скот питается травами, пьет воду. Смотря по временам переходят с места на место".

(И.Бичурина. Собрание сведений о народах,обитавщих в Средней Азии в древние времена. Т.I. М.,1950,58-б.)

Бул кез карашка улай эле:

"Важный научный интерес представляют сообщения древнекитайских источников об усунах, одних из предков современных киргизов в Ш в. д.н.э. об усунах говорится,в том же духе, что и о хуннах,

чво они, со скотами перекочевывают с места на место смотря же приволью в траве и воде. В обыкновениях сходствуют с хуннами" (аталган китепте. Т.I. 190-б.)

Бул аталган илимий булакта хуннардын турмушу, алардын материалдык маданиятв жөнүндө кеңири маалыматтар баяндалган. Албетте, боз үй жөнүндө да өзгөчө маалымат камтылган: "В I в. д.н.э. в других скотоводствах Средней Азии сообщается, что они искусны в конной стрельбе из лука, занимаются ловлею зверей и птиц. Живут в круглых юртах, из кона выход обращен к востоку" (аталган китеп. Т.I 142-б.)

Көчмөн турмуштун мүнөзүн кеңири чагылдырган баалуу илимий булактарды ошол байыркы авторлор менен катар азыркы жазма булактардын аталыштарын мисалга тарта кетсек максатка ылайыктуу болор. Бул баалуу материалдар көчмөндөрдүн материалдык маданиятын, тарыхын окуп үйрөнүүгө, илимий иштин камтыган объектисин ачууга мааниси зор экендиги белгилүү. Көчмөн элдердин тарыхын изилдөөдө албетте Н.Я.Бичуриндин эмгектеринин баалуулугу талашсыз. Бул эмгекте аталган римдик акын Вергилийдин жалаң көчмөн малчарбачылыкка арналган "Букалику" аттуу поэмасы 4 китептен турарлыгын маалымдаган. Мындан сырткары байыркы кытай тарыхчысы Сыма-Цяньдын (биздин эрага чейинки I кылымдын акырында жашаган автор) "Исторические записки" аттуу эмгеги. (изд. "Наука", Москва, 1986, том.I,П,Ш,IУ,У); П.Н.Гумилов "Древние тюрки","Эфталиты и их соседи в IX в."("Вестник древней истории",1959,№I. Г.А.Мерков. Кочевники Азии",М., 1966. (Диссертация на соискание ученой степени доктора исторических наук);А.Н.Бернштам "Очерк истории гуннов", М.I95I.

Бул маселелерге окумуштуулар В.В.Радлов, В.В.Бартольд,Н.А.Аристов, К.А.Иностранцев,Х.Хирт хунндар жөнүндө өз эмгектеринде ар тараптуу өтө терең маанайда кайрылган. Франциянын атактуу тарыхчысы

А.Тьерри (1797-1873-жж.) хундардын ханы жөнүндө "Аттил тарыхы" аттуу эмгегиндеги Аттил баатыр жөнүндөгү маалыматты мисалга тарта кетсек. "Аттил ысымы адамзат тарыхындагы улуу адамдар - Александр Макединский менен Юлий Цезардын катарынан орун алды"- дейт автор. ("Билим жана эмгек" №2 1987, 4-бет). 19-кылымда жарык көргөн Франциянын чоң энциклопедиясында хун жоокерлеринин сүрөттөрү, хун жоокеринин башындагы баш кийими азыркы кыргыздардын калпагынын элесин берет. Ошондой эле бул сүрөттөрдө хун арабасынын үстүндөгү боз үй түспөлүндөгү көчүп жүрүүгө ылайыктуу үйдүн формасын да көрөбүз. Бул боз үйдүн (сүрөт тиркелет) байыркы түрүнө кирген "каңка" экендигин ишенимдүү эле айтуубузга негиз түзмөкчү.

"Манас" эпосундагы ошондой эле алтай, якут элдеринин эпикалык чыгармаларындагы адам баласынын "баш калкалоо" "үй" түшүнүктөрү жөнүндөгү кездешкен белгилер байыркы-мифологиялык мүнөзгө ээ. Эпостордогу "үй" түшүнүгү адам баласынын алгачкы общиналык коомунан азыркы цивилизациялык мезгилге чейинки үйлөрдүн ар кыл формаларынын эволюциялык өнүгүшүн камтыган эпизод,сюжеттерди көрөбүз. Адамзат коомунун уруучулук этабынын өнүгүшү аркылуу уруулардын аталышы байыркы мифологиялык белгилерди камтыган "тотемдик" белгилер башкача айтканда уруулардын айбанаттардын аттары менен аталышы "Аюу"эне,"Бөрү" эне,"Бугу эне" түшүнүктөрү кездешет. Бул эпостордогу тотемдик салттын түшүнүктөр адам баласынын алгачкы общиналык түзүлүшүндөгү баш калкалоонун табигый эвоюциялык этабынын тунгуч туундусу "үңкүр" менен түздөн-түз киндиктеш экендигин баамдасак болот. "Манас" эпосунда учураган мындай көрүнүшкө көңүл бурсак! "Манас Чоң казаттан каза болуп, Абыке, Көбөш "алты арам" биригип Манастын ордосун талап, жетим калган элине, жесир калган теңиге зордук көрсөтүп, атадан калган жалгыз туягы Семетей-

дин көзун тазаламакчы болгондо аны ала качып жөнөйт. Жолдо чарчап Кайыпчынын кара уңкуруне жашынат:

Кара Кырдын кара уңкур,
Мусулманга даана уңкур.
Ай төбөдөн баткан жер
Каста олуя жаткан жер
Чаңдап жаткан бел эле,
Олуя жаткан жер эле
Карып мискин качканда
Медет кылчу жер эле
Тегереги мунар тушюп,буратанган
Жөө туман тушуп айланган,
Адамдын көзу байланган,
Тузунөн тулку шимшип журбөгөн,
Бөксөсунөн бугу айбан журбөгөн
"Тегереги чеп ошол
Жетимди бекитип кеткен жер ошол.
(С.К. Семетей. инв.№544, 139-б.)

Мына ушуга катар эле Алтай элинин эпосу "Маадай Карадагы" душман Кара-Куладан баланын жашынган аскасынын бир элесин мисалга тарта өтсөк:

На вершину девятиступенчатый
Черной гору
Кара-Кула хотел подняться- не смог
Когда к подножию этой горы прибыл,
Черный туман вскипел,
Снег с дождем пошел-такой стала эта земля
ничего сделать не сумев

Белый скот /тогда/ он погнал
Землю разорил.

/Маадай Кара. Алтайский героический эпос. 276-б./

Жогорудагы келтирилген мисалдардан улап кандай жыйынтык чыгарсак болот. Табият менен адамдын ортосундагы байыркы архаикалык түшүнүк, адам табияттын ажырагыс бөлүкчөсү. Түрк элдеринин дүйнөтаануусунда табияттын башталышы эне менен киндиктеш. Бул түшүнүк албетте кайра эле "үй" түшүнүгүнө барып такалат. Байыркы адам баласынын түздөн-түз табигый"баш калкалоо үйү" "Жер эне" болуп келгендиги жөнүндө көптөгөн түшүнүктөр биздин дилибизге бүгүнкү күнгө чейин жашап келүүдө.

"Современная наука все настойчивее склоняется к признанию моноцентричности происхождения человеческого рода,-иначе говоря, наши предки появились в одном конкретном месте планеты. Поэтому вполне правомерно предположение, что фигурально выражаясь, все мы спустились с Лунных гор.

О том, что человек мог стать человеком лишь в условиях гористой без лесной местности, писал еще в 20-х годах крупнейший зоогеограф академик П.П.Сушкин. Он, правда отдавал предпочтение горам и среднегорью Азии. Но в чью бы сторону ни решился спор, вполне вероятно, что мы все -"люди с гор".

/ И.Забелин. "В.С.",№I,1972,№I,январь,24-б./

Бул айтылган ойду далилдүү терең изилдеп берген немец окумуштуусу И.Г.Гердердин "Идеи к философии истории человечества". ("Наука", М.,1977г.) аттуу эмгегинде ынанымдуу баяндайт. Ушул ойлордон улам бүгүнкү күндөгү боз үйгө байланыштуу айтылып келген символикалуу түшүнүктөр мисалы: "Керегем сага айтам, келиним сен ук"-

бул элдик тарбиянын байыркы мезгилинен берки жашап келген үлгүсү десек болот. Мында, Кер+егем= жердин ээси, тактап айтканда аялдын эненин символу. Боз үйдүн эмерек-сөөгүн, толук, ар тараптуу ачып ( руу келечектин иши.

Эми "Манас" эпосундагы табигый баш калкалоонун тактап айткан-да,"үңкүрдөн" көчмөндөр цивилизациясынын туундусу "боз үй" түшүнүгүнөн мисал келтире өтөлү.

Жошо кошпой сырдаган,
Шамал согуп жел тийип
Ысыкка жакшы болот деп
Боз үй кылып чыңдаган,
Үзүктөрүн кылдаган
Ууктарын уктаган,
Туурдуктун баарысын
Үчүгө менен тыштаган
Түндүгүн алтын чаптырган
Зымпар бордон тактырган.
(С.О. П-китеп, 417-б.)

же болбосо:

Кайыңдан түндүк ийдирген,
Каалга,таяк босого
Канча түрдөн чийдирген,
Ууктарын кылдаган
Каалга менен кереге
Канча түрдөн сырдаган,
Чийин жибек чырмаган
Асемдеген ак сарай,
Салтанаты бир далай. /С.О.П-китеп.Ф.К.1982-ж.51-б.)

"Манас" эпосундагы боз үйгө байланышкан сүрөттөөлөр эпостун негизги өзөгүн түзбөсө да анын фонунда мазмундук өзгөнчөлүктөрүнө карата жандуу бир сызыкта өнүгүп отурганын байкасак болот. Албетте, "боз үй"өзөгүнүн турган туруму менен эпосто кургак баяндала бербестен тескерисинче эпосто учураган элдик ой-санаа, көз караш, дүйнөтаанымынан тартып, материалдык маданий үлгүлөрдү, көчмөндөрдүн ашканасына чейинки бай, баалуу мазмунду камтыйт. Изилдөөнүн борборунда турган ата-бабалардын баалуу мүлкү "Боз үй" келечектеги тереңдеп изилдене турган соолугус кенч экендигин ишенимдүү айтууга тарыхый да, илимий да негиз бар. "Манас" эпосундагы эң урунттуу окуялар:"Манастын төрөлүшү","Көкөтөйдүн ашы","Чоң казатка" чейинки линияда "боз үй" катышпаган бир дагы элдик салтка байланышкан той, аш салтанаттарды элестетүү мүмкүн эмес. Бир учурдагыдай боз үйдүн музейдик абалынан эмес, турмуштук практикадан, дүйнөлүк деңгээлге чейинки мүнөздө ачып берүү милдети турат. Албетте, бул айтылган ойлорго карата эгемен мамлекетибиз тарабынан элдик буюм-тайымдарга, анын ичинен боз үйгө болгон аяр сыйлуу мамилелер күчөдү. Мунун бир мисалы катары "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесиндеги тигилген боз үйлөрдөн тартып, бүгүнкү күндө Америка,Швейцария, Германия, Англия, Португалия өңдүү өлкөлөрдө атайы киргизмолордо катышып жаткандыгы мунун далилдүү мисалы.

Элдик оозеки чыгармачылыктын көч алды катары жүргөн эпосторубуздан тартып, макал-лакап, учкул сөздөр, табышмактарга чейин боз үйгө байланышкан түшүнүктөрдү иликтөөгө алып, карап чыгуу биздин илимий изилдөөбүздүн бир бутагы болуп эсептелет. Элде учураган боз үйгө байланышкан табышмак, макал-ылакаптардан мисалга тарта кетсек:

Токсон койдун териси,

Тон чыкпаган була баш,
Сексен койдун териси,
Жел чыкпаган була баш.

же

Адамды жутуп ийсе көрдум дебейт,
Терисин сыйрып алса эч бир сезбейт...

Бир кыз бар жоолукчан,
Ичинде балдары бар от чыккан.
Кундузу сыйрып чылат,
Тункусун кайра салынат?

(Чечмеси: боз уй; Табышмактар,"Илим,Ф.,I985,
I8I-I82-беттер).

Ушуну менен катар макал-лакап, туруктуу учкул сөздөрдө "боз уй" тушунугу жандуу жашап келууде.

М.: Уугум сага айтам,
Уулум сен ук!
Босогом сага айтам
Бозоюм сен ук!..

же

"Өз уй - өлөң төшөк,
Өз эл - өмурлук жөлөк".

"Өтугу жаман төргө өтпөйт.

"Эшигин көруп, төрунө өт".

"Бирөөнун уйун чечмек бар, тикмек жок".

"Уйгө ут киргенде, малга сут кирет".

"Керегеде кулак бар, ишенээр болсоң ыраак бар".

"Үңкүр да болсо үйүм бар".

Мына ушул сыяктуу эл оозунда жашап келген түшүнүктөр арбын учурайт. Макал-лакаптарды да атайы бөлүштүрүп, боз үй түшүнүгү боюнча, алардын бөлүнүштөрү болгон жыгач-сөөктөрдүн, жип-шыналарынын, ырым-жөрөлгөлөрүнө чейин макал лакаптарды өз-өзүнчө топторго бөлүү максатка ылайыктуу.

Адамзат коомунун өмүрканасындагы баш калкалоо, турак жайлардын эволюциялык өнүгүү жолундагы биз аныктаган, жапайычылык (үңкүр), көчмөн варварлык (боз үй), цивилизациялык (азыркы айыл, шаарлардагы көп катарлуу үйлөр) формалары боюнча үңкүр, боз үй, шаар жөнүндөгү "Манас" эпосунан учкай мисалдар аркылуу анализ жүргүзүүдөбүз. Илимий изилдөөнүн чордонунда турган "Боз үй" дүйнөсү боюнча кененирээк маалымат башкача айтканда келечектүү иш-пландарыбызды, ой-мүдөөбүздү ортого салуу милдети турат. Боз үй ааламын илимий негизде ар тараптуу чечмеленсе бирдиктүү бир "боз үй" энциклопедиясын түзүүгө шарт түзмөкчү:

1. Боз үйдүн кайда болгон доору, кылымы, тарыхын жазуу.
2. Боз үйдүн эмерек, сөөк,жыгачтарынын символдук белгилерин чечмелөө.
3. Боз үйдүн жалпы түрүмүн геометриялык, математикалык сандык өзгөчөлүгүн аныктоо.
4. Боз үйдүн жалпы адамзат коомунан алган орду. Адам дили, экология, экономикадагы көчмөн цивилизациянын мааниси.
5. Боз үйгө байланышкан жомок,легенда,уламыш,макал-лакаптар, ыр, учкул сөздөр, аларды бөлүштүрүп,өзүнчө илимий иретке келтирүү.
6. Боз үйдүн борбору болгон адам турмушунун төрөлүү-өлүм жолуна чейинки баардык салт,жөрөлгөлөрдү камтуу.

М.: Тәрәлүү, элдик тарбия, конок күтүү, тамак-аш бөтөнчөлүгү, аял-эркектин орду, кол өнөрчүлүгү, дүйнө-таанымы ж.б.

7. Боз үйдүн жалпы философиялык таанымы.
Философиялык категориялар ак-кара, өмүр-өлүм, убакыт, мейкиндик өлчөмү, оң-түстүн чечмеленүүсү.

8. Боз үйдүн бөлүнүштөрү.
Боз үй, кийиз үй, ордо үй, ак өргөө, жолум үй ж.б. алардын турмушта колдонуу тартиби.

9. Боз үйдүн ичиндеги эмерек буюм-тайымдардын орду (эркекке байланыштуу) аларды колдонуудагы элдик символдор.
М.: бакан, камчы, сабаа, ээр-токум ж.б.

10. Боз үйдүн аялга тиешелүү буюм-тайымдардын символдук орду.
М.: көшөгө, жер төшөк, көлдөлөң ж.б.

11. Боз үйдү жасоодогу колдонгон материалдардын турмуштагы орду, символу. (М.: жыгач+жүн+тери).

12. Байыркыларды көз, үн, даам менен таануу категориясын киргизүү. (<u>көз менен таануу</u> – боз үй, <u>үн менен таануу</u> – комуз, <u>даам менен таануу</u> – ак, кымыз, бул үч биримдикти Боз үй+адам=айлыны аркылуу алып чыгуу).

Мына ушундай "12 канаттуу" бөлүнүш менен боз үй аалымын ачып берүү биздин бирден бир келечектүү максатыбыз.

Эми кайрадан турак жайлардын эволюциялык өнүгүшүндөгү "Манас" эпосунда учураган үйлөрдүн "цивилизациялык" формасы болгон "шаар" түшүнүгүнөн үчкай мисал кыла кетсек. Эпосто "боз үй" менен катар эле географиялык аймактар, жер-суу аталыштары, азыркы шаарлардын аттары да аталат. Көчмөн цивилизация турак жайы жеке "боз үй" менен чектелген деген ойдон алыспыз.

Мисалы: Манас төрөлгөндө хан Жакып той бермекчи болуп, төгөрөктүн төрт бурчунан эл чакырат:

Арбын малым Алтайда,
Канча малым Кан-Тоодо,
Жылкымды чети Шыйкууда,
Коюм сексен миң экен,
Конушум Кара-Шаарда,
Жакшы бир той кылайын
Жаздын алды баарда
Кулан-Жайлак,Куу-Тезде
Кур атым жатат бу кезде.
Чыландын башы Чөңөр-Жар
Аз болгондо алты миң ашык төөм бар.
Карагайлуу Камбылда
Кар баспаган Жамбылда,
Өзөнгө жайсам толду эле,
Жеке өзүмө караган
Жети миң уй болду эле.
Баарына кабар салайын.
Малымды жыйып алайын.
Азыркы турган аз кыргыз
Алы кетип күтө албас
Анжиян менен Ташкенге,
Аларга кабар салайын,
Ага-инимдин баарысын
Бир чогултуп алайын
Кашкар деген кышмакты,
Кабак-Арт менен Сары-Колдо
Кабырга тууган кыпчак бар.

Кашыма жыйып алайын. (С.О.I-китеп,Б.,1995,152-б.)

же

...Самарканды,Жызакты
Санатын айтып узатты.
Оро-Төбө, Кожентти,
Олуя-Ата, Ташкенди
Оргуп Кокон, Маргалаң
Иле менен Чуйуне,
Кабарымды уккандар
Калбасын-деди-уйунө. (С.О. I54-б.)

Жер-суу аталыштары, эпосто учураган шаарлар, алардын жаралуу, пайда болуу доору тарыхта такталган даталары ар кыл. Көчмөн цивилизациянын дуркуреп өнугуп турган учурунда да шаарлар өнугуп келгендиги тарыхта маалым."Биздин эрага чейин (миңинчи жылга таандык Ысык-Көлдун Туп булуңундагы суу астынан табылган Чигу (кыргызча Чигил, Кызыл өрөөндун шаары), ал шаарда жашаган элдердин тагдыры, ал шаар көчмөн-усундардын ордо шаары катары жана Улуу жибек жолундагы Тянь-Шандын байыркы соода борбору катары белгилуу болгон".

(На берегах Иссык-Куля. Б.,1992)

Бул шаар жөнундөг тарыхый баалуу материал катары "Шицзы" (Исторические записки), анда кытайлык саякатчы Чжен Цянь Чигил (Чигу) шаарына алгач кимдер баргандыгы тууралуу да өзунун эмгегинде билдирет. (Аталган китеп. 92-бет).

Улуу Жибек жолунун дагы бир багыты катары Памир Тоо кыркалары экендиги тарыхта белгилуу. Памир бийик тоодогу көпурө катары Кытай,Индия,Ооганстан менен Бухара,Самарканды туташтырып турган Улуу

Памир жолу атагына арзыган. Ушул улуу жолдун тогошунда Батыш Памирде байыркы шаарлардын, чептердин урандылары табылган. Бул биздин доорго чейинки Ш миңинчи жылдарга таандык экендигин тарых танбайт. ("ВС", 1972.№1, январь. 27-б.)

"Манас" эпосунда кездешкен азыркы шаарлардын тарыхый аталыштарынан тартып, ошол манасчынын көз карашында, кыял дүйнөсүндө жашаган өзгөчө шаар керемети да кездешет. Буга мисал катары Р.З.Кыдырбаеванын "Генезис эпоса "Манас". Ф.,1980.) аттуу китеэмгегинин 63-бетинде жогорудагы ойду далилдеген. мисалды келтире кетели:

"Город в "Манасе" изображается как сказочная страна, он совсем не похож на обычные города, это скорее всего какой-то обетанный край,какая-то загадочная земля, а не реальный город".

"Манас" эпосундагы үй формаларынын эволюциялык өсүп-өнүгүүсүндөгү жогорудагы аныкталган жапайычылык,варварлык,цивилизациялык этаптарын эпостогу мисалдар аркылуу учкай маалымат бердик. Бул чечмелөөлөр аркылуу "боз үйдүн" бүтүндөй тарых,эволюциялык өнүгүшүн толук ачып бердик дегенден алыспыз. Биздин бул илимий изилдөөбүздүн эң актуалдуу жагы деп биринчиден, мурунку саясий-идеологиялык түзүлүштүн жашап келген мезгилиндеги ата-бабалардын улуу тарыхы бурмаланып келди. Ушул жагдайдан караганыбызда миң жылдан ашуун өмүр жашы бар элдик материалдык маданияттын үлгүлөрү эски доордун саркынды, жараксыз буюмундай музейлик турмушту баштарынан кечирип келишти. Биздин изилдөө ишибиздин объектиси болгон боз үйдүн тарыхын ачып берүүдө биз мурунку кылымдарда жашап өткөн саякатчылардын, тарыхчылардын,окумуштуулардын калтырып кеткен тарыхый эмгектерине таянуу менен эч тартынбастан өз элибизге таандык материалдык маданияттын башында турган боз

үйдөн тартып, кийим-кече, тамак-ашыбызга чейинки өзгөчөлүктөрдү кийинки урпактарга бурмалабастан, так айкын ачып берүү.

Экинчиден. Баарыбыз эңсеп күткөн эгемендүүлүктүн аркасында Борбордук Азиядагы тили тектеш элдердин эң байыркылары деп аталган кыргыздар, алардын дүйнө таанымы,салты,тутунган буюм-тайымына чейинки бурмаланган жактарын аныктап, нагыз улуттук аң сезимди өстүрүү менен улуттук идеологияны түптөө максаты.

Бул иликтөө иштин максаты катары жогоруда айтылган I2 бөлүктөн турган боз үйдү комплекстүү изилдөө жалпы эле элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү, эпостордогу материалдык маданияттын үлгүлөрүнүн тарыхый, этнографиялык, тилдик бөтөнчөлүктөрүнө чейинки этаптарды талдоо жана тактоо. Мурда изилденип келген материалдык маданият тармагындагы илимий эмгектерден, изилдөөлөрдөн айырмаланган жаңычылдыгы катары изилдөө обьектисинде турган предметти бир беткей этнографиялык ыкма менен эмес комплекстүү кароо аны тарыхый салыштырма метод аркылуу ачып берүү, бул иликтөөнүн жаңычылдыгын түзөт деген ойдобуз.

Илимий изилдөөнү ачып берүүдө баалуу тарыхый жана илимий булак катары адабият базасын түзгөн Геродот, Сыма Цянь, Бичурин Н.Я. өңдүү тарыхчылардан тартып, саякатчы-иликтөөчүлөрдүн (Рубрук, П.Карпини, Ибн-Батута ж.б.) бул тармакка байланышкан тарыхый булак, фольклор сөздүктөргө чейинки эмгектер пайдалануу обьектисин түздү.

Элибиздин эркиндик доорундагы боз үйдүн мааниси, анын практикалык турмуштук өзгөчөлүгү күн санап өсүүдө. Ушул жагдайдан ой жүгүрткөндө изилдөө иштин практикалык мааниси эгерде натыйжалуу, толук кандуу изилденип бүтсө баалуу тарыхый-илимий колдонмо катары өз милдетин аткарат деген тилектебиз.

Арт. 4803р.
Т.У. 81-01-280-77

Цена 3 коп.